**Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросу**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

## МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ӨТҮҮЧҮ ПРЕЗИДЕНТТИК ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ

## 10 – январь, 2021 - жыл

### ДИАУБдун шайлоого чектелген байкоо жүргүзүү боюнча миссиясынын жыйынтыктоочу отчету


**Варшава**
**4 - июнь, 2021 - жыл**

## МАЗМУНУ


I. КЫСКАЧА МАЗМУНУ ..... 1

II. КИРИШҮҮ ЖАНА ЫРААЗЫЧЫЛЫК БИЛДИРҮҮ ..... 4

III. ТҮЗҮЛГӨН АБАЛ ЖАНА САЯСИЙ КОНТЕКСТ ..... 5

IV. ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫ ЖАНА УКУКТУК НЕГИЗ ..... 6

V. ШАЙЛООНУ УЮШТУРУУ ..... 9

VI. ШАЙЛООЧУЛАРДЫ КАТТОО ..... 11

VII. ТАЛАПКЕРЛЕРДИ КАТТОО ..... 13

VIII. ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨНӨКТҮГҮ ..... 14

IX. ӨНӨКТҮКТҮ КАРЖЫЛОО ..... 16

X. ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫ (ЖМК) ..... 19

A. ЖМК ЧӨЙРӨСҮ ..... 19
B. УКУКТУК СИСТЕМА ..... 20
C. ЖМКЛАРГА БОЛГОН МОНИТОРИНГДИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ..... 22

XI. УЛУТТУК АЗЧЫЛЫКТАРДЫН КАТЫШУУСУ ..... 25

XII. АРЫЗДАР ЖАНА ДАТТАНУУЛАР ..... 25

XIII. БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ ..... 27

XIV. ШАЙЛОО КҮНҮ ..... 28

XV. РЕКОМЕНДАЦИЯЛАР ..... 29

A. АРТЫКЧЫЛЫКТУУ РЕКОМЕНДАЦИЯЛАР ..... 30
B. БАШКА РЕКОМЕНДАЦИЯЛАР ..... 31

I - ТИРКЕМЕ: ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМДУН АКЫРКЫ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ..... 34

II - ТИРКЕМЕ: ШАЙЛООГО БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА ЭЛ АРАЛЫК МИССИЯНЫН КУРАМЫНА КИРГЕН БАЙКООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ ..... 35

ДИАУБ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ ..... 37

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ӨТҮҮЧҮ ПРЕЗИДЕНТТИК ШАЙЛОО**
**10-январь, 2021-жыл**

**ДИАУБдун шайлоого чектелген байкоо жүргүзүү боюнча миссиясынын жыйынтыктоочу отчету** [1]

## I. КЫСКАЧА МАЗМУНУ

Кыргыз Республикасынын тиешелүү органдарынын чакыруусунан улам, ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укуктары бюросу (ДИАУБ) 2021-жылдын 10-январында мөөнөтүнөн мурда өтүүчү президенттик шайлоого байкоо жүргүзүү максатында, шайлоого чектелген байкоо жүргүзүү миссиясын (ШЧБМ) жөнөттү. Референдумга байкоо жүргүзүү үчүн чакырууга жооп катары, ДИАУБ ШЧБМ өзүнүн форматына жана колдо болгон ресурстарынын жетиштүүлүгүнө жараша байкоо жүргүздү. Шайлоого кыска мөөнөттүү байкоо жүргүзүү үчүн ДИАУБ ШЧБМдин жана ЕККУнун Парламенттик Ассамблеясынын делегациясынын бирдиктүү аракети катары эл аралык шайлоого байкоо жүргүзүү миссиясы (ЭШБМ) түзүлдү. ДИАУБ ШЧБМ шайлоо процессинин ЕККУнун алдында алган милдеттенмелерге, демократиялык шайлоо өткөрүү боюнча эл аралык милдеттенмелерге жана стандарттарга, ошондой эле улуттук мыйзамдарга шайкеш келүүсүнө баа берди.

ЭШБМ, 11-январдагы Алдын-ала алынган жыйынтыктар жана корутундулар жөнүндө билдирмесинде “2020-жылдын октябрь айындагы парламенттик шайлоонун жыйынтыктары жокко чыгарылгандан кийин орун алган саясий кризис мөөнөтүнөн мурда өтүүчү президенттик шайлоолорго жана референдумду өткөрүүгө түрткү болду. Мыйзамдык-укуктук база, атаандаш шайлоолорду өткөрүүгө мүмкүндүк берип, негизги эркиндиктер жалпысынан сакталды. Шайлоо алдындагы үгүт иштерине бирдей эмес акча каражаттары жумшалгандыгына жана административдик ресурстарды туура эмес пайдалангандыгына байланыштуу бир гана талапкердин басымдуулук кылгандыгы, жыйынтыгында бирдей эмес шарттарды түздү. Шайлоо процесстери сыяктуу эле дебаттар, президенттик шайлоонун референдумга, өзгөчө бир талапкерге байланышкандыгы менен начарлаган. Коомдук телеканалдар тарабынан акысыз эфирдик убакыттын бөлүнүшү талапкерлер үчүн үгүт аянтчасын түздү; Ошого карабастан, кээ бир учурларда мыйзамдардын чектелгендигинен улам, критикалык отчеттордун жетишсиздиги, шайлоочулардын аң-сезимдүү тандоо мүмкүнчүлүгүн кыскартты. COVID-19 пандемиясы менен күрөшүүдөгү санитардык-эпидемиологиялык эрежелер жакшы аткарылбаса да, шайлоо күнү тартиптүү жана жалпысынан жакшы уюштурулду” деп жыйынтыктады.

Конституцияга ылайык, Президент жалпы элдик добуш берүү аркылуу алты жылдык мөөнөткө шайланат. Парламент өз ыйгарым укуктарын узартып, андан кийин, шайлоо менен референдумду бир күндө бир орган тарабынан өткөрүлө турган кылып, дайындады. Парламент референдумду дайындоо жөнүндөгү мыйзамды шашылыш кабыл алып, мыйзам кабыл алуу жол-жоболорун сактаган жок.Жарандарга, президенттик же парламенттик башкаруу формаларынын бирин тандоо, же экөөсүнө тең каршы добуш берүү опциялары сунушталды.

Мыйзамдык-укуктук база демократиялык шайлоолорду өткөрүү үчүн бекем негизди түзөт. Жалпысынан, ДИАУБдун мурунку сунуштарына ылайык, президентти шайлоо жөнүндөгү мыйзамдарга бир нече жолу өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Бирок, буга чейин сунушталып келген айрым рекомендациялар дагы деле аткарылбай келет. Шайлоо

[1] Англис тилиндеги түп нускасы бирден-бир расмий документ болуп эсептелинет. Расмий эмес котормолор кыргыз жана орус тилдеринде жеткиликтүү.

мыйзамдарына, мурунку президенттик шайлоо өткөндөн бери, негизинен, ДИАУБдун сунуштарына ылайык бир нече жолу өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Ошентсе дагы, шайлоо укугунун чектелиши жана ЖМКлардын аккредитациясы сыяктуу бир топ жылдардан бери берилип келе жаткан сунуштар көз жаздымда калууда. Шайлоо жана референдум жөнүндө мыйзамдарды бир мезгилде колдонуу кошумча жөнгө салууга негиз боло турган кемчиликтерди жана түшүнүксүздүктөрдү жаратты.

Шайлоо жана референдум, үч баскычтан турган шайлоо органдары тарабынан негизинен жакшы уюштурулду. Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (БШК) өз иш-аракеттерин жалпысынан ачык-айкын жүргүздү жана шайлоо процессинин ар кандай аспектилерин жөнгө салды. БШК шайлоонун жана референдумдун процедуралык аспектилери боюнча шайлоочуларга ар тараптуу маалымат берди жана мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулардын шайлоо процессине катышуусун жеңилдетүү боюнча аракеттерин улантууда. ДИАУБ ШЧБМдин маектештеринин көпчүлүгү ылдыйкы баскычта турган шайлоо комиссияларынын иштерине жакшы деген баа бергени менен, шайлоого байланыштуу талаш-тартыштарды чечүүдө БШКнын эки тараптуулугу тынчсыздандырган маселе бойдон калууда. Шайлоо комиссияларынын курамында аял кишилер жакшы санда көрсөтүлгөн.

Шайлоочулардын тизмесине 3,5 миллиондой шайлоочу киргизилгени менен, 450 000дей шайлоочу биометрикалык каттоодон өтпөгөндүгүнө байланыштуу шайлоо укугунан пайдалана албай калды. Добуштарды сатып алууга жол бербөө максатында, шайлоочулардын добуш берүү дарегин убактылуу өзгөртүү мүмкүнчүлүгү мурда колдонулуп келгендигине карабастан алынып салынды. Мындай аракеттер, шайлоо участкаларына келип каттала албай калгандарга, ошондой эле даректеринде айырмачылыктары бар 300 миң шайлоочуга шайлоо күнү добуш берүү укугун пайдаланууга тоскоолдуктарды жаратты. БШК, байкоочулардан бөлөк, бирок шайлоо участкаларында шайлоо күнү иштеген айрым жарандарга катталган дарегине карабастан, иштеген жеринде добуш берүүгө уруксат берди. Жабык мекемелерде жазасын өтөп жаткан жана сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп табылган адамдарды добуш берүү укугунан ажыратуу эл аралык стандарттарга каршы келет.

Жалпысынан инклюзивдик процессте президенттин кызмат ордуна 18 талапкер, алардын ичинде бир аял талапкер жана 15 референдум боюнча үгүт топтору катталды. Көрсөтүлгөн талапкерлердин бир тобу кол тамгаларды топтоонун кыскартылган мөөнөтүнө жана каттоодон өтүү процедурасынын созулгандыгына наразы болушту. Кол тамгаларды текшерүү жана ырастоо процесстери ачык-айкын өтүп, ырааттуу колдонулду.

Үгүт чөйрөсү көрүнүктүүлүгү, жеткиликтүүлүгү жана географиялык масштабы жагынан талапкер Жапаровдун басымдуулук кылышы менен мүнөздөлдү. Референдум жана шайлоо өнөктүгү бирге өткөрүлгөндүктөн жана Жапаров мырза президенттик башкаруу формасын колдогон жалгыз талапкер болгондуктан, аны ого бетер белгилүү жана көрүнүктүү кылды. Калган талапкерлер үгүт иштерин эркин жүргүзгөнү менен, ресурстардын жетишсиздигинен улам өлкө боюнча үгүт иштерин жүргүзүүгө шарттары болгон жок. Административдик ресурстарды туура эмес пайдалангандыгы, анын ичинде мамлекеттик кызматкерлердин эл менен болгон жолугушууларга түздөн-түз катышуусу, мамлекеттик кызматкерлерге жана шайлоочуларга кысым көрсөтүү, ошондой эле уюшкан кылмыштуулуктун шайлоого катыштыгы бар деген кооптонуулар жөнүндө ишенимдүү айыптоолор жараяндын жүрүшүндө көтөрүлүп жатты. Аялдар өнөктүк иштерине активдүү катышып, байкоо жүргүзүлгөн жолугушуулардын 30 пайызын түзүшкөн. Ошентсе дагы, үгүт иштеринде гендердик теңчилик боюнча маселелер дээрлик көтөрүлгөн жок.

Шайлоо жана референдум жөнүндө мыйзамдар шайлоо алдындагы өнөктүктү каржылоонун ачык-айкындуулугун камсыз кылганы менен айрым аспектилер жөнгө салынбай келет.

Мыйзамдарда, шайлоо өнөктүгүн жүргүзүүгө сарпталуучу чыгымдардын чектик суммасы каралганы менен, референдум маселелери боюнча үгүт фондунун каражаттарынын келип түшүүсү жана чыгымдалышына коюлган чектөөлөр жок. Бул бир эле мезгилде өнөктүктөрдү жүргүзүү үчүн пропорциялуу эмес көлөмдө каражаттарды колдонууга мүмкүндүк берди. Шайлоо фондунун бардык каражаттары атайын ачылган банк эсеби аркылуу өтүшү керек, бирок ДИАУБ ШЧБМдин маектештеринин кээ бирлери эсепке алынбаган айрым чыгымдар жөнүндө билдиришкен. Позитивдүү түрдө белгилей кетүүчү нерсе, БШК талапкерлердин жана референдум топторунун үгүт фондунун каражаттарынын келип түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө аралык жана акыркы маалыматтарды жарыялады. БШК шайлоо өнөктүгүнүн каржылоосуна чектелген аудит жүргүзөт.

Динамикалуу медиа чөйрө чакан жарнама рыногу менен чектелет жана бул көптөгөн маалымат каражаттарынын тышкы булактардан көз карандылыгына алып келет. Журналисттерге карата физикалык жана оозеки чабуулдар кылдат иликтенбегендиктен, жазасыздык чөйрөсүн жаратып жатты. Расалык, диний же регионалдык кастыкты козутууга тыюу салган мыйзамдын ашыкча кеңири чечмелениши, үгүт иштеринин юридикалык жактан бүдөмүк аныктамасы, ошондой эле, инсандын аброюна шек келтирүү боюнча доолордо чексиз компенсациялардын колдонулушу, журналисттик иликтөөлөрдү жассоодо, аналитикалык жана сынчыл материалдарды чыгарууда тоскоолдуктарды жаратып, өзүн - өзү цензуралоого алып келди.

ДИАУБ ШЧБМ мониторинг жүргүзгөн жаңылыктардын көпчүлүк бөлүгү Жапаров мырза тарабынан төлөнгөн. Төрт улуттук телерадикомпаниялардын генералдык директорлору октябрь айындагы протесстерден кийин алмаштырылып, жана бул телерадиокомпаниялар президенттик башкаруу формасын ашыкча үгүттөдү. КТРК коомдук телерадиокомпаниясы референдумга коюлуучу маселелердин калгандарына жана кээ бир талапкерлерге каршы көрсөтүүлөрдү бергендиктен, калктын маалыматтуу тандоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыратты. Акысыз обо убактысы мамлекет тарабынан каржыланган төрт телерадикомпаниялардын экөөсүндө гана бөлүштүрүлдү жана мындай көрүнүш мыйзамда көрсөтүлгөн талаптарга каршы келет. Жапаров мырза улуттук теледебаттарга катышпаган жалгыз талапкер болду.

Талапкерлердин арасында этникалык азчылыктардын өкүлдөрү жок болгондуктан этностор аралык мамилелерге байланыштуу маселелер талапкерлердин программаларында так чагылдырылган эмес. Шайлоочулар үчүн окутуу жана үгүт иштерин жүргүзүүгө байланыштуу материалдар мамлекеттик (кыргыз) жана расмий (орус) тилдерде жарыяланды. Ар кайсы улуттук азчылыктардын өкүлдөрү АШКлардын курамында аз санда көрсөтүлгөн. Улуттук азчылыктарга карата кастыкты козуткан маалыматтардын эфирде, басылмаларда же социалдык тармактарда чагылдырылгандыгы жөнүндө эч кандай кабар келип түшкөн эмес.

БШКга келип түшкөн арыздардын көпчүлүгүндө үгүт иштерин жүргүзүүдө эрежелердин бузулгандыгы тууралуу айтылган. Бул арыздардын көпчүлүгү укук коргоо органдарына жиберилген, ал эми кээ бирлери БШКнын жумушчу топтору тарабынан БШКнын ачык отурумдарында расмий угуударсыз каралды. Мындай аракеттер, шайлоого байланыштуу талаш тартыштарды чечүүнүн ачыктыгын жана мыйзамдуу жолдордун натыйжалуулугун төмөндөттү. БШК тарабынан өткөрүлгөн өнөктүктү жүргүзүү эрежелеринин бузулушуна байланыштуу даттанууларды кароонун жүрүшүндө, тандалма мамиле жасагандыгы жана мыйзамдардын талаптарын ырааттуу колдонбогондугу, БШКнын калыстыгына болгон кооптонууну жаратты. Соттор тийиштүү процессти жана даттанууларды кароонун мыйзамдуу мөөнөттөрүн сакташты. Сот тутуму тарабынан шайлоого байланыштуу талаш-тартыштардын калыс чечилишине болгон ишенимдин деңгээли өтө төмөн болгондуктан, ДИАУБ ШЧБМдин көптөгөн маектештери сотторго саясий таасир берилип жаткандыгына тынчсыздануусун билдиришти.

Шайлоо мыйзамдары талапкерлердин, жарандык коом уюмдарынын, референдум боюнча үгүт топторунун жана эл аралык байкоочулардын шайлоого жана референдумга байкоо жүргүзүүсүн камсыз кылат. Байкоочулардын аккредитациядан өтүшү жана алардын шайлоо процесстерине катышуусу инклюзивдүү түрдө жүрдү. Шайлоо мыйзамдары талапкерлердин, жарандык коом уюмдарынын, референдум боюнча үгүт топторунун жана эл аралык байкоочулардын шайлоого жана референдумга байкоо жүргүзүүсүн камсыз кылат. Бир нече жарандык коом топтору шайлоого жана референдумга ар тараптуу узак жана кыска мөөнөт аралыгында байкоо жүргүзүштү.

ЭШБМ шайлоо күнүндөгү процесстерге тутумдуу жана ар тараптуу байкоо жүргүзгөн жок. Чектелген сандагы шайлоо участкаларында шайлоо жараяны уюшкандыкта өтүп, даярдыктар жакшы деңгээлде болду, бирок, кээ бир учурларда добуш берүүнүн купуялуулугу сактала берген жок. Шайлоо күнү COVID-19 пандемиясынын жайылышына каршы коргонуу чаралары шайлоо комиссиялары тарабынан талаптагыдай аткарылган жок. Добуштарды саноо кечиктирилбестен ачык-айкын жүргүзүлдү; бирок, бюллетендердин жарактуулугун текшерүүдө катачылыктар болгон. Жыйынтыктарды чыгарууда, шайлоого байланыштуу сегиз участоктон жана референдумду өткөрүүгө байланыштуу он участоктон добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз деп табылды.

Добуш берүү аяктагандан көп өтпөй, БШК өзүнүн веб-сайтында алдын ала, деталдуу жыйынтыктарды жарыялады, жана ошону менен бирге ачык-айкындуулукту камсыздады. Шайлоочулардын катышуусу 39 пайыздан ашты жана бул референдумдун 30 пайыздык босогосун өткөндүгүн билдирет. БШК шайлоонун жана референдумдун расмий жыйынтыктарын 20-январда жарыялады, бирок БШКнын эки мүчөсү шайлоо жана референдум учурунда орун алган мыйзам бузууларды белгилеп, эки жыйынтыкты тең кабыл алууга каршы добуш беришкен.

Төмөнкү отчетто, Кыргыз Республикасындагы шайлоолорду ЕККУнун алдында алынган милдеттенмелерге жана башка эл аралык милдеттенмелерге жана демократиялык шайлоолордун стандарттарына ылайык өткөрүү аракеттерин колдоо боюнча рекомендациялар берилди. Референдумду өткөрүү жана дайындоо, БШКнын чечимдерин кабыл алуунун ачык-айкындуулугу, шайлоочулардын айрым топторун активдештирүү, үгүт иштерин каржылоонун ачык-айкындуулугун күчөтүү, шайлоо жана референдумдун маселелери боюнча үгүт иштерин жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдырууну өркүндөтүү, жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигин толук урматтоо жана калыс кароо жана даттанууларды кароодо бейтараптыкты камсыз кылуу сунуштары приоритеттүү деп табылды. ДИАУБ бийлик органдарына ушул жана мурунку отчеттордогу сунуштарды чечүүгө жардам берүүгө даяр.

## II. КИРИШҮҮ ЖАНА ЫРААЗЫЧЫЛЫК БИЛДИРҮҮ

Кыргыз Республикасынын бийлик органдары тарабынан 10-январда мөөнөтүнөн мурда өтө турган президенттик шайлоого байкоо жүргүзүү үчүн жөнөтүлгөн чакыруунун негизинде, ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укутары боюнча бюросу (ДИАУБ) шайлоого чектелген байкоо жүргүзүү миссиясыны (ШЧБМ) жөнөттү. 2020-жылдын 15-декабрында жөнөтүлгөн чакырууга жооп катары, ДИАУБ ШЧБМ өзүнүн форматына жана колдо бар ресустарына жараша референдумга байкоо жүргүздү. 9-декабрдан тартып Тамаш Месерич жетектеген миссия өз ишин баштап, Бишкек шаарында жайгашкан 15 негизги эксперттен жана 22 узак мөөнөттүү байкоочудан турган топ, 15-декабрдан баштап Кыргызстандын бардык жети аймагында жана Бишкек менен Ош шаарларында иш алып барды. ДИАУБ ШЧБМдин курамы 19 ЕККУга мүчө болгон малекеттерден келген байкоочулардан түзүлүп, Кыргызстанда 23-январга чейин иш жүргүздү.

Шайлоого кыска мөөнөттү байкоо жүргүзүү үчүн, ДИАУБдун жана ЕККУнун Парламенттик Ассамблеясынын (ЕККУ ПА) жалпы аракети катары Эл аралык шайлоого байкоо жүргүзүү миссиясы (ЭШБМ) түзүлдү. ЕККУнун учурдагы төрагасы ЕККУнун бул шайлоого байкоо жүргүзүү үчүн түзүлгөн кыска мөөнөттүү байкоочуларынын башчысы жана атайын координатору кылып Питер Юэль-Йенсен мырзаны дайындады. ЭШБМдин курамына кирген ар бир уюм 2005-жылкы Эл аралык шайлоолорду байкоо принциптеринин Декларациясына кол койгон. Жалпысынан, ЕККУнун 23 мүчө-мамлекеттеринен 84 байкоочу, анын ичинде ДИАУБ ШЧБМден 40 байкоочу, ал эми ЕККУнун ПАнан 44 байкоочу жөнөтүлдү; ЭШБМдин курамынын 30 пайызын аял кишилер түздү.

ДИАУБ ШЧБМ шайлоо жана референдум процессинин ЕККУнун алдында алынган милдеттенмелерине, башка эл аралык милдеттенмелерге жана демократиялык шайлоолорду өткөрүү боюнча стандарттарга, ошондой эле улуттук мыйзамдарга шайкеш келээрине баа берди. ДИАУБдун ШЧБМдин методологиясына ылайык, ЭШБМ, шайлоо күнүндөгү процесстерге системдүү жана ар тараптуу байкоо жүргүзө алган жок, бирок өлкө ичиндеги шайлоо участкаларында чектелген санда байкоо жүргүздү. Бул жыйынтыктоочу отчет, 11-январда, Бишкекте өткөн пресс-конференцияда жасалган алдын-ала алынган жыйынтыктар жана корутундулар жөнүндө билдирмеге кошумча каралат.[2]

ДИАУБ ШЧБМ байкоо жүргүзүүгө чакыргандыгы жана процесстин бардык этаптарында кызматташкандыгы үчүн Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына (БШК), ошондой эле көрсөткөн жардамы үчүн Тышкы иштер министрлигине ыраазычылыгын билдирет. ДИАУБ ШЧБМ башка мамлекеттик жана жергиликтүү органдарга, шайлоо администрациясына, саясий партияларга, талапкерлерге, жарандык коом уюмдарына, ЕККУнун Бишкектеги программалык кеңсесине жана эл аралык коомчулукка кызматташтыгы жана өз пикирлери менен бөлүшкөндүгү үчүн ыраазычылыгын билдирет.

## III. ТҮЗҮЛГӨН АБАЛ ЖАНА САЯСИЙ КОНТЕКСТ

2020-жылдын 4-октябрында болуп өткөн парламенттик шайлоонун жыйынтыгынан улам курч алган саясий кризис, 10-январда мөөнөтүнөн мурда өтүүчү президенттик шайлоону жана мамлекеттик башкаруу формасын аныктоо үчүн референдумду өткөрүүгө түрткү берди. Болочоктогу парламентте президентти колдогон партиялардын басымдуулугун көрсөткөн шайлоонун баштапкы жыйынтыктарынын жарыяланышы, шайлоонун жыйынтыктарын, шайлоолор мыйзамсыз өттү деген айыптоолор менен жокко чыгарууну талап кылган ири масштабдагы нааразычылык акцияларына алып келди.

Нааразычылыктар күчөп, зомбулукка айлангандан кийин, 2020-жылдын 6-октябрында БШК добуш берүүнүн жыйынтыктарын жокко чыгарды. Андан кийин белгисиздик орун алып, премьер-министрдин кызмат ордуна мурунку парламент мүчөсү (ПМ) Садыр Жапаров кызыкдар экенин билдирип, мөөнөтү бүткөн, бирок өз мандатын узарткан парламент аркылуу бул кызматка 14-октябрында дайындалды.[3] Ошол кездеги президенттин кызматын ээлеген жана 2023-жылга чейин бул кызматта отуруш керек болгон Сооронбай Жээнбеков, кызматтан кетээри тууралуу 15-октябрда коомчулукка жарыялады. Президенттик орунга мураскердин кезеги парламенттин төрагасы Канат Исаевке келип бирок, ал бул кызматка кирише турган болсо,

---

[2] ДИАУБдун Кыргыз Республикасы боюнча шайлоого байланыштуу мурунку отчетторун караңыз.
[3] Ал кезде, Жапаров мырза 2017-жылдагы чечимге ылайык, 11 жылдык абак жазасын өтөп жаткан, бирок анын тарапташтары 5-октябрда жабык жайга кирип баргандан кийин бошотулган.

президенттик шайлоого катыша албастыгын билдирип, кызматтан баш тарткан.[4] Ошондуктан, президенттин милдетин аткаруу, конституцияга ылайык, премьер-министр Жапаровго өтүп, ал эки кызматты бирдей аркалады. Ал эми 24-октябрдя БШК мөөнөтүнөн мурда өтүүчү президенттик шайлоону дайындады.

Жапаров мырза саясий спектрдин кеңири чөйрөсүнүн өкүлдөрүнөн турган убактылуу өкмөттү дайындады. Президенттин милдетин аткаруучу болуп 28 күн иштеген учурда, Жапаров мырза мамлекеттик коопсуздук кызматынын жооптуу кызматкерлерин, ошондой эле бүткүл өлкө боюнча көптөгөн облустук деңгээлдеги кызматкерлерди, анын ичинде жети облустун губернаторлорун алмаштырды. Шайлоо алдында, саясатчылар жана жогорку кызматтагы адамдардан турган 20 киши, коррупцияга айыпталып, камакка алынды.

14-ноябрда, Жапаров мырза президенттикке талапкер болуу үчүн президенттик кызматтан кетип, премьер-министрлик кызматын убактылуу токтотту. Парламенттин жаңыдан шайланган спикери - Талант Мамытов президенттин милдетин аткаруучу болуп дайындалды.[5]

Ошол эле мезгилде, депутаттардын бир тобу, Жапаров мырзанын койгон максаттарына ылайык, Конституциянын жаңы, президенттин ыйгарым укуктарын кыйла кеңейткен өзгөртүүлөрдү камтыган долбоорду сунуштады. Конституциялык референдумду өткөрүү 17-ноябрда жарыяланды. Бул сунуш Кыргызстандагы жарандык коомдун ири масштабдуу наразычылыгын жана эл аралык коомчулуктун тынчсызданууусун жаратты.[6] Жыйынтыгында, жаңы Конституциянын долбоору боюнча референдум, башкаруу формасын аныктоо боюнча референдумга өзгөртүлүп, жарандарга, президенттик же парламенттик башкаруу формасын, же болбосо үчүнчү “баарына каршы” вариантты тандап алуу сунушталды. Талапкер Жапаров президенттик моделдин демилгечиси жана негизги колдоочусу болгонун эсепке алса, анын үгүт кампаниясы менен референдумдун ортосунда анык байланыш түзүлөт.[7]

*Эгерде референдум менен шайлоону өткөрүүчү орган бир болсо, анда бийлик, шайлоону жана референдумду бир күндө өткөрбөшү керек.*

## IV. ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫ ЖАНА УКУКТУК НЕГИЗ

Конституцияга ылайык, президент жалпы элдик добуш берүү менен алты жылдык мөөнөткө шайланат. Биринчи турда добуштардын жарымынан көбүн алган талапкер жеңүүчү деп жарыяланат. Эгерде талапкерлердин бири дагы талап кылынган добуштардын көпчүлүгүн ала албаса, көпчүлүк добушка ээ болгон эки талапкердин ортосунда добуш берүүнүн экинчи туру өткөрүлөт. ДИАУБдун мурунку берген рекоммендацияларын ишке ашыруунун алкагында,

[4] Конституцияга ылайык, учурдагы президенттин шайлоого талапкер катары катталууга укугу жок.

[5] Жапаров мырза бул кызматтардан кетишин мыйзамдуу актылар менен эч качан жол-жоболоштурган эмес, бирок бул жөнүндө эл алдында сүйлөп жатканда гана жарыялаган.

[6] Долбоордун маңызы боюнча да, анын процедуралары боюнча да кооптонуулар болду: Конституциянын долбоорунда парламенттик башкарууну алсыратып президенттик башкарууну бекемдөө, ошондой эле жаңы типтеги элдик жыйындарды - *Курултайларды* өткөрүү сунушталды. Процедуралык жактан, мөөнөтү аяктаганына карабастан ыйгарым укуктары кеңейтилген, учурдагы парламенттин ушундай чоң өзгөртүүлөрдү киргизип жаткандыгы, Конституциялык палата тарабынан жана 2020-жылы Европа Кеңешинин Венеция комиссиясынын конституциялык реформа менен түрткү берилген шайлоону жылдырууга байланыштуу шашылыш консультативдик корутундусу (amicus curiae) тарабынан да көйгөйлүү көрүнүш катары каралды (мындан ары Amicus Curiae корутундусу).

[7] 2020-жылдагы Венеция комиссиясынын референдум өткөрүү боюнча кайрадан иштелип чыккан жобосунда “эгерде референдум шайлоону өткөрө турган мекемеге тиешелүү болсо” шайлоону жана референдумду бир күндө өткөрбөө керек деп сунушталат.

добуш берүүнүн экинчи турунун так мөөнөттөрү мыйзамдарга киргизилген, жана, биринчи турдун жыйынтыгы чыккандан кийин 20 күндүн аралыгында өткөрүлүшү керек. Шайлоонун эки турунда тең шайлоого келгендердин санына болгон талаптар жок. Мыйзамда көрсөтүлгөндөй, катталган шайлоочулардын 30 пайызынын катышуусу менен референдум өттү деп эсептелинет.

Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча мыйзамдар, негизинен, 2010-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 2011-жылдагы "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы (мындан ары - шайлоо жөнүндө мыйзам), 2016-жылдагы Кыргыз Республикасынын Референдуму жөнүндө Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы, жана 2011-жылдагы Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндөгү мыйзамы (Шайлоо комиссиялары жөнүндөгү мыйзам) жана башка мыйзамдары аркылуу жөнгө салынат.[8] Кыргызстан - демократиялык шайлоолорду өткөрүүдө колдонулуучу негизги эл аралык келишимдердин катышуучусу.[9]

Акыркы президенттик шайлоодон кийин, шайлоого байланыштуу мыйзамдык-укуктук база бир нече жолу өзгөртүлүп, толукталды. Өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун көпчүлүгүндө, ДИАУБдун мурунку сунуштарын эске алуу менен, шайлоону өткөрүүнү талаптагыдай уюштурууга, коомдук көзөмөлдү камсыз кылууга, ден-соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын шайлоого, ыктыярчылардын үгүт иштерине катышуусуна, байкоочулардын укуктарына, шайлоо мыйзамдарынын бузулгандыгы боюнча даттанууларды кароого жана аларга карата санкцияларды киргизүүгө өбөлгө түздү.[10] 2020-жылдагы киргизилген өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун негзинде, өлкө ичинде жашаган шайлоочулардын шайлоо дарегин өзгөртүү мүмкүнчүлүгү алынып салынды жана президенттикке талапкерлердин шайлоо күрөөсүн кайтарып берүүдөгү чектер кыскартылды. ДИАУБдун узак жылдардан бери берип келе жаткан айрым, мисалы шайлоо укугунан пайдалануу же ЖМКлардын аккредитациясы сыяктуу сунуштары азыркыга чейин аткарылбай келет.

Референдум жөнүндөгү мыйзам референдум өткөрүүнүн негизги аспектилерин жөнгө салат; бирок, референдум боюнча үгүт иштерге так аныктама берүү, референдум боюнча үгүт топторуна акысыз эфирдик убакыт бөлүү, үгүт иштерин каржылоодо колдонулуучу деталдаштырылган жоболор сыяктуу орчундуу маселелер так көрсөтүлгөн эмес. Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча мыйзамдарды бир мезгилде колдонуу, кошумча жөнгө салууга туура келген кемчиликтерди жана түшүнүксүздүктөрдү жаратты (*ЖМК жана өнөктүктү каржылоо бөлүмүн караңыз*). Ошол эле мезгилде, БШК кемчиликтердин айрымдарын ченемдик

---

8 Кыргыз Республикасынын саясий партиялар жөнүндө мыйзамы, Кыргыз Республикасынын Тынч чогулуштар жөнүндө мыйзамы, Кыргыз Республикасынын жазык кодекси, Кыргыз Республикасынын жоруктар жөнүндө кодекси жана Кыргыз Республикасынын бузуулар жөнүндө кодекси кирет.

9 Алардын катарына 1996-жылдагы Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт (ЖСУЭАП), 1965-жылдагы Расалык басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция, 1979-жылдагы Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция жана анын факультативдик протоколу, 2002-жылдагы КМШнын Демократиялык шайлоо, шайлоо укуктары жана эркиндиктеринин стандарттары жөнүндө Конвенциясы, 2003-жылдагы БУУнун Коррупцияга каршы конвенциясы (БУУ ККК) жана 2006-жылдагы Майыптардын укуктары жөнүндө конвенция (МУК) кирет.

10 Эң негизгиси, 2017 жана 2019-жылдардагы шайлоо мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөрдө жана толуктоолордо административдик ресурстарды пайдалануунун аныктамасы жана административдик ресурстарды колдонууга жана добуштарды сатып алууга карата санкциялар киргизилди.

укуктук актыларды чыгаруу жолу менен чечкени менен, мыйзамды чечмелөө кызыкдар тараптардын иш-аракеттерин дайыма эле жеңилдете берген жок.[11]

22-октябрда, мөөнөтү бүтүп бара жаткан парламент, парламенттик шайлоону кайрадан өткөрүүнү токтото турган мыйзамды кабыл алды.[12] Убактылуу токтотуунун дагы бир себеби конституциялык реформаны өткөрүү менен түшүндүрүлөт.[13] Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык палатасы (Конституциялык палата) бул мыйзам кабыл алып жатканда мынчалык узакка созулган мөөнөттү сынга алышып, кетип бара жаткан парламенттин конституциялык реформаны өткөрүүгө ыйгарым укуктары жетишсиз экендигин белгиледи.[14] Жарандык коомдун мындай корутундуларына жана сын-пикирлерине карабастан, 10-декабрда парламент, конституцияда жазылган мыйзамдарды кабыл алуу жол-жобосун бузуп, коомдук талкууларды өткөрбөй туруп, мамлекеттик башкаруу формасын тандоо боюнча референдумду дайындады.[15] Референдумду дайындоо маселеси Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык палатасында каралып, анда, доо арыз, арыз ээсинин укуктары бузулган эмес деген негиздер менен четке кагылып, коомдук талкууларды өткөрүүнүн зарылчылыгы “мыйзам чыгаруу бийлигин ыкчам түрдө жүзөгө ашырууга тоскоол боло албайт” белгиледи. Мындай аракеттер, жарандардын мыйзамдарды талкуулоого катышуудагы конституциялык укуктарына каршы келет.[16]

*Референдумду өткөрүү, мыйзам чыгаруу иш-аракеттери сыяктуу эле, мыйзамдуулуктун талаптарына, анын ичинде убакыт талаптарына жооп бериш келиши керек. Атап айтканда, аны инклюзивдик жана консультативдик процесстердин негизинде кабыл алуу керек.*

Референдум жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, референдумда кабыл алынган чечим милдеттүү түрдө аткарылат.[17] Ошого карабастан, референдумга коюлган маселенин чечмелениши, конституциянын түздөн-түз өзгөрүшүнө алып келбегендиктен, бул референдумдун конституциялык кесепеттери ачык эмес бойдон калды.[18] Референдумда, жарандардан президенттик же парламенттик башкаруу формасын тандоо маселеси коюлгандыгына карабастан, президенттин милдетин аткаруучу Мамытов дайындаган жаңы

---

11 БШК шайлоочулардын айрым топторуна, өздөрү иштеген участоктордо добуш берүүгө мүмкүнчүлүк берген токтомду кабыл алды (*Шайлоочуларды каттоо бөлүмүн караңыз*). Бирок, БШК акысыз эфирдик убакытты чектеп, аны референдум дайындалгандан күндөн баштап эсептегендин ордуна, акысыз убакыт бөлүштүрүлгөндөн кийин сааттарды эсептеди (*ЖМК бөлүмүн караңыз*).

12 24-октябрда Административдик сот, БШКнын 21-октябрдагы кайталап шайлоо өткөрүү чечимин жокко чыгарды.

13 2020-жылдагы Венеция комиссиясынын Amicus Curiae корутундусунда: “Токтотуунун иш жүзүндөгү максаты жөнүндө айта турган болсок, [...]кетип жаткан парламент, негизинен, конституциялык өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн демократиялык мыйзамдуулукка ээ эмес”.

14 Конституциялык палата сегиз ай «ашыкча жана объективдүү себептер менен негизсиз» деп белгиледи. Ошондой эле ал, «мөөнөтү узарган парламенттин иши акылга сыярлык чектөө принцибинин негизинде болушу керек» деп белгиледи. Европа Кеңешинин Венеция комиссиясынын Amicus Curiae корутундусунда, мөөнөтү бүткөн парламент «конституциялык реформалар сыяктуу чукул чараларды кабыл албашы керек» деп белгиленет.

15 Референдум жөнүндө мыйзам долбоорунун биринчи окуусу 9-декабрда өткөрүлсө, экинчи жана үчүнчү окуулары 10-декабрда өтүп, мыйзамдын өзү 11-декабрда күчүнө кирген. Ошол эле учурда, парламенттин регламентинде, окуулардын ортосунда он күндөн кем эмес убакыт каралган, ал эми мыйзам долбоорун, депутаттар парламент жыйынныыга кеминде 3 күн калганда алышы керек. 1990-жылдагы ЕККУнун Копенгаген Документинин 5.3 пункту ЕККУга мүчө мамлекеттерден Конституцияны сактоону жана мыйзам талаптарына ылайык иш алып барууну талап кылат.

16 Конституциясынын 52-беренесине ылайык, жарандар мыйзамдарды талкуулоого катышууга укуктуу.

17 Мыйзамда мындай чечимдер кошумча бекитүүнү талап кылбайт деп айтылат.

18 2007-жылдагы Венеция комиссиясынын референдум өткөрүү боюнча мыкты тажрыйбасынын I.3.1.c-пунктунда “берилген добуштардын таасири, демек, референдумдун таасири жөнүндө шайлоочуларга маалымат берилиши керек” деп айтылат.

конституциянын долбоорун иштеп чыгуу кеңеши, ДИАУБ ШЧБМге конституциянын долбоору иштелип чыккандыгын жана анда президенттик башкаруу системасы каралгандыгын маалымдады.

*Референдум жөнүндө мыйзамда шайлоочулардын негиздүү тандоосун жана референдумдун жыйынтыктарынын мыйзамдуулугун камсыз кылуу үчүн референдумга коюлуучу маселелердин түрлөрүнө жана референдумда кабыл алынган чечимдердин кесепеттерине так аныктама берилиши керек. Добуш берүүгө коюлган сунуштар милдеттүү түрдө жүзөгө ашырылышы керек.*

## V. ШАЙЛООНУ УЮШТУРУУ

Мөөнөтүнөн мурда өтүүчү президенттик шайлоону жана референдумду өткөрүүнү уюштуруу иштерин БШК, 54 аймактык шайлоо комиссиялары (АШКлар) жана 2474 участкалык шайлоо комиссиялары (УШКлар), анын ичинде чет өлкөдө түзүлгөн 48 УШКлар жасайт. Шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү беш жылдык мөөнөткө дайындалат. ДИАУБ ШЧБМдин маектештери, бир эле мезгилде жана кыска мөөнөттө шайлоо жана референдумду өткөрүүдө, шайлоо процесстерине COVID-19 пандемиясынын шарттарында даярданууда кыйынчылыктар жаралгандыгын маалымдады.[19] Шайлоону уюштурууда аялдар АШКнын жарымына жакынын түздү, бирок БШКнын төрайымы менен кошо алганда, БШКнын төрт гана мүчөсү аял кишиден турат.

БШК шайлоону жана референдумду уюштурууга жооптуу, туруктуу жана коллегиалдуу орган болуп саналат. БШКнын мүчөлөрү, президент, парламенттик көпчүлүк жана оппозициядан турган топтун ар бири төрттөн мүчөсүн көрсөтүү аркылуу парламент тарабынан дайындалат. Учурдагы мүчөлөрдүн көпчүлүгү, 2016-жылдын июнь айында дайындалса, жакында эки мүчөсү алмаштырылды.[20]

БШК, ЖМКнын өкүлдөрү, байкоочулар жана талапкерлердин өкүлдөрү катышкан ачык отурумдарды үзгүлтүксүз өткөрүп, онлайн режиминде түз эфирде көрсөтүп турду.[21] Отурумдар көбүнчө башталаарга аз убакыт калганда гана веб-сайтка жайгаштырылып, кээде, бардык тараптардын катышуусу үчүн убакыт жетишсиз болуп калды. БШКнын көпчүлүк чечимдери, мыйзамга ылайык, кабыл алынган күндөн тартып 24 сааттын ичинде өзүнүн веб-сайтына жарыяланган болсо, ал эми даттануулар боюнча кабыл алынган чечимдер кечигүү менен жарыяланды.[22] ДИАУБ ШЧБМдин маектештери билдиргендей, техникалык маселелер боюнча БШК чечимдер негизинен бир добуштан кабыл алынган болсо, ал эми келип түшкөн арыздарды жана шайлоого байланыштуу мыйзам бузууларды кароодо, кээ бир талапкерлердин пайдасына

---

[19] Шайлоо жөнүндө мыйзамдын 48.2-беренесине ылайык, мөөнөтүнөн мурда өткөрүлүүчү шайлоонун мөөнөтү төрттөн бирге кыскартылган.

[20] БШКнын бир мүчөсү 2020-жылдагы парламенттик шайлоого талапкер болгонуна байланыштуу сентябрь айында кызматтан кетсе, дагы бир мүчөсү октябрь айында БШКны мыйзам бузууларга жана алдамчылыкка жооп бербей жатат деп катуу сындап, кызматынан кеткен.

[21] Белгилей кетүүчү нерсе, президенттикке талапкерлер жана референдум өткөрүү боюнча үгүт топтору үчүн БШК тарабынан өткөрүлгөн чүчүкулактын үчөөсүнүн бири дагы түз эфир аркылуу жеткиликтүү болгон эмес: мисалы, 14-декабрда президенттикке талапкерлердин ортосунда акысыз обо убактысын жана басма аянтын бөлүштүрүүдө, 19-декабрда президенттикке талапкерлердин шайлоо бюллетенинде белгилөө тартибин аныктоодо жана 28-декабрда референдум боюнча үгүт топторунун арасында акысыз эфирдик убакыт бөлүүдө.

[22] Мисалы, БШКнын веб-сайтында жайгаштырылган маалыматка ылайык, жок дегенде жети арыз БШК тарабынан 4-декабрда каралып чыккан; бирок, чечимдер кабыл алынгандан он күндөн кийин гана веб-сайтка жайгаштырылган.

чечип жатты.[23] ДИАУБ ШЧБМдин бир нече маектештери БШКнын бийликтен көзкарандылыгына көңүл бурушуп, анын калыстыгында шек бар деп билдиришти.[24]

БШК тарабынан түзүлгөн жумушчу топтор келип түшкөн билдирүүлөрдү алдын-ала карап чыгып, ар кандай аспектилер боюнча чечим кабыл алгандыгы инклюзивдүүлүккө шарт түзүп, БШКнын ишин жеңилдетти. Бул топтордун чечимдери кеңеш берүүчү мүнөздө болгондугуна карабастан, үгүт эрежелеринин бузулгандыгы жана үгүт иштерин каржылоо боюнча даттанууларды БШК тарабынан карап чыгууга жөнөткөн жок. (*Арыздар жана даттануулар* бөлүмүн караңыз*)*. Мындай практика БШКнын ачык-айкындуулугуна жана коллегиалдуудугуна болгон кооптонууну жаратат.

*Шайлоого кызыкдар тараптардын укуктарына жана милдеттерине байланыштуу чечимдерди кабыл алуу, анын ичинде мыйзамдарды аныктоо жана даттанууларды чечүү, БШК тарабынан ачык отурумдарда аткарылышы керек. Мурда сунушталгандай, БШКнын бардык чечимдери өз убагында жарыяланып турушу керек.*

АШКлар өзүнө тиешелүү аймактарда УШКларды түзүү жана шайлоонун жыйынтыктарын чыгаруу үчүн жооп беришсе, УШКлар, участкалык деңгээлде добуш берүүнү уюштуруп, добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарышат. АШКлардын курамында кеминде 11 мүчөсү болот жана БШК тарбынан түзүлөт, ал эми УШКлардын курамында шайлоо округунун чоңдугуна жараша минималдуу мүчөлөр бар болууга тийиш жана АШКлар тарабынан түзүлөт. Ар бир комиссиянын жарымын саясий партиялар, калганын жергиликтүү кеңештер дайындайт. ДИАУБ ШЧБМдин жүргүзгөн байкоосунда, АШКлар жана чектелген сандагы УШКлар бүткүл өлкө боюнча түзүлүп, жергиликтүү бийлик тарабынан жетиштүү материалдык-техникалык колдоо алышкан. Тренингдерден тышкары АШК жана УШК мүчөлөрүнө шайлоо процессинин бардык этаптарын камтыган видео сабактар берилди. Жалпысынан, төмөнкү деңгээлдеги комиссиялардын ишине ДИАУБ ШЧБ тарабынан жакшы баа берилди.

Ошондой эле, БШК укук коргоо органдары үчүн үгүт өнөктүгүндөгү мыйзам бузууларды, атап айтканда, добуш сатып алуу жана административдик ресурстарды туура эмес пайдалануу учурунда кандай чара көрүү керектиги жана иликтөөлөлөрдү жүргүзүү боюнча бир катар тренингдерди өткөрдү. Мындан сырткары, БШК талапкерлердин өкүлдөрүнө үгүт иштеринин регламенти жана үгүт иштеринин каржылык отчету боюнча окутууларды өткөрдү.

Мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулардын шайлоо процессине катышуусун жеңилдетүү боюнча БШКнын үзгүлтүксүз аракеттери үчүн ДИАУБ ШЧБМдин маектештери, анын иштерине жогору баа берди. УШКлар шайлоо процесстеринин жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу үчүн жергиликтүү бийлик менен биргеликте жол картасын иштеп чыкты, анын катарына пандустар, жеткирүү иштери, ыктыярчылар, чоңойтуучу айнектер (лупа) жана брайл бюллетени үчүн колдонмолор кирди. БШКнын маалыматы боюнча, пандустары бар шайлоо участкаларынын саны 83 пайызга чейин өскөн. Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар БШКнын ишеним телефонуна телефон оператору болуп иштөөгө тартылды.

БШК шайлоочулар үчүн кыргыз жана орус тилдеринде маалыматтык роликтерди даярдап, алар коомдук телеканалдарда көрсөтүлдү. Видеолордо, шайлоого жана референдумга катышуунун маанилүүлүгү, шайлоочуларды каттоо, талапкерлер жөнүндө маалыматтар, жаштардын жана чет

---

23 Шайлоо мыйзамынын 12.3-беренесине ылайык, шайлоо комиссиялары калыс иштеши керек.

24 1996-жылдагы БУУ АУК ЖСУЭАПтын №25 Жалпы эскертүүсүнүн 20-пунктунда мүчө-мамлекеттер "Шайлоо процессин көзөмөлдөө жана анын адилеттүү, калыс жана белгиленген мыйзамдарга ылайык жүргүзүлүшүн камсыз кылуу максатында көзкарандысыз шайлоо органы түзүлүшү керек". Венеция Комиссиясынын 2002-жылдагы Шайлоо маселелериндеги жакшы тажрыйба кодексинин II.3.1.b бөлүмүндө көз карандысыз жана калыс шайлоо комиссиялары бардык деңгээлде түзүлүшү керек деп жазылган.

өлкөдөгү шайлоочулардын катышуусу жана шайлоо күнүндөгү процедуралар жөнүндө сөз болду. Оң жагы, ушул телекөрсөтүүлөрдүн айрымдары жаңдоо тилинин (сурдокотормо) коштоосунда тартылды.

Бирок, референдумдун бюллетенинде коюлган маселелерди тандоо боюнча шайлоочуларга ар тараптуу маалымат берилген жок. Референдумга коюлган маселелер боюнча шайлоочулар үчүн нейтралдуу маалымат аз болгон же болгон эмес.[25] Референдум жөнүндө мыйзамдарда жазылгандай, референдумдга коюлган маселелер боюнча бийлик мазмундуу жана бейтарап маалымат берүүгө милдеттүү эмес.[26]

*Референдумда коюлган маселелер боюнча мазмундуу жана бирдей маалыматтарды берүү үчүн референдум жөнүндөгү мыйзамга бийликтин так милдеттенмелерин киргизүү маселеси каралышы керек.*

## VI. ШАЙЛООЧУЛАРДЫ КАТТОО

Шайлоо күнүнө карата 18 жашка толгон кыргыз жарандары добуш берүү укугуна ээ боло алат, бирок, жасаган кылымышынын оордугуна карабастан эркинен ажырытылгандарга жана соттун чечими аркылуу аракетке жөндөмсүз деп табылгандарга мындай укук берилбейт жана бул эл аралык стандарттарга жана милдеттенмелерге каршы келет.[27]

*Абакта жаза өтөп жаткан адамдардын добуш берүү укугуна болгон пропорцияналдуу эмес чектөөлөр жана майыптыкка байланыштуу чектөөлөр алынып салынышы керек.*

Шайлоочуларды каттоонун формасы пассивдүү түрдө жүргүзүлөт. Шайлоочу катары катталуу үчүн, добуш берүүгө укуктуу жарандар биометрикалык маалыматын тапшырышы керек. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын (МКК) маалыматы боюнча, Кыргыз Республикасынын 450 000ге жакын жараны биометрикалык каттоодон өткөн эмес, ошондуктан, өз шайлоо укугун колдоно албай келүүдө.[28] Калктын бирдиктүү реестри тарабынан берилген маалыматтардын негизинде шайлоочулардын эки окшош тизмеси түзүлүп, бири президенттик шайлоого, экинчиси референдумга деп даярдалды. Бул тизмелер БШК тарабынан түзүлдү жана жаңыланып турду. Шайлоочулардын биротоло тизмесине 3 563 574 шайлоочу кирип, алардын 52% аялдар түзгөн болсо, ал эми чет өлкөдө добуш берүү үчүн 40 479 шайлоочу катталды.[29]

---

25 1996-жылдагы БУУ АУК ЖСУЭАПтын №25 Жалпы эскертүүсүнүн 11-пунктунда "Билимдүү жамааттын 25-берене боюнча өз укуктарын натыйжалуу пайдаланышын камсыз кылуу үчүн билим берүү жана шайлоочуларды каттоо кампаниялары керек" деп айтылат.

26 ЖСУЭАПтын 2.2-беренеси ар бир мүчө-мамлекеттен "ушул Келишимде таанылган укуктарды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон мыйзамдарды же башка чараларды кабыл алууну талап кылат.

27 МУКтун 12-беренесине берилген №1 Жалпы эскертүүсүнүн 48-пунктунда мүчө-мамлекеттерден "адамдын чечим кабыл алуу жөндөмдүүлүгү, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды […] шайлоо укугунан [жана] шайлоого катышуу укугун колдонуудан четтетүү үчүн негиз боло албастыгын" талап кылат. Ошондой эле МУКтун 29-беренесин караңыз. 1990-жылдагы ЕККУнун Копенгаген Документинин 7.3-пунктунда, мүчө-мамлекеттер "бойго жеткен жарандарга жалпы жана бирдей шайлоо укугуна кепилдик берет" деп айтылат, ал эми 24-пунктта, укуктар менен эркиндиктерди чектөө "мыйзамдын максатына так пропорционалдуу" болушу керек. 1996-жылдагы БУУ АУК ЖСУЭАПтын №25 Жалпы эскертүүсүнүн 14-пунктунда добуш берүү укугунан ажыратууга негиз "объективдүү жана жүйөлүү" болушу керек деп айтылат.

28 Биометрикалык маалыматтар (санарип манжа издери, сүрөт жана кол тамга) шайлоо күнү шайлоочулардын аныктыгын текшерүү үчүн колдонулат.

29 Шайлоочулардын жалпы саны 2020-жылдагы парламенттик шайлоодон кийин 1 пайызга ашып, 2017-жылдагы президенттик шайлоодон кийин болжол менен 18 пайызга өскөндүгүн билдирет. БШК мындай өсүштү калктын табигый өсүшү жана шайлоочулардын тизмесин өркүндөтүү боюнча үзгүлтүксүз иштер менен байланыштырды.

*Бийлик, бардык шайлоочулардын, айрыкча чет өлкөлөрдө жашаган жарандардын биометрикалык каттоодон өтүүсүнө өбөлгө түзүү жана жеңилдетүү боюнча аракеттерди улантышы керек.*

Шайлоочулар туруктуу жашаган даректери боюнча жайгашкан шайлоо участкаларына бекитилди. 2020-жылы шайлоо мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөргө жана толуктоолорго ылайык, Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган шайлоочулар, шайлоо дарегин учурда жашаган дарегине өзгөртө албайт. ДИАУБ ШЧБМдин көпчүлүк маектештери бул мүмкүнчүлүктүн жоюлушу 2020-жылдагы парламенттик шайлоодо кеңири колдонулган добуштарды сатып алуу схемаларын азайтууга өбөлгө түзүлгөнү менен, жыйынтыгында, туруктуу жашаган жеринен сыртта калган шайлоочуларга, анын ичинде байкоочуларга, өз шайлоо укугун жүзөгө ашырууда тоскоолдуктар жаралды деп билдиришти.

МККнын маалыматы боюнча, маалыматтарды синхрондоштуруунун жоктугунан келип чыккан жана болжол менен 300 000 шайлоочуга таасир эткен улуттук ID карталардын маалымат базалары менен туруктуу жана убактылуу жашаган даректердин реестринин ортосунда айырмачылыктар бар.[30] Ага байланыштуу татаалдыктар айрым шайлоочулардын добуш берүү күнү добуш бере албай калышына алып келди. Шайлоочуларга, катталган дарегине жараша шайлоочулардын тизмесине киргизилиши үчүн, 29-декабрга чейин оңдоп-түзөө өтүнүчтөрүн билдирүүгө уруксат берилди. ДИАУБ ШЧБМдин байкоолоруна ылайык, мындай өтүнүчтү аткаруудагы БШКнын көрсөтмөлөрү УШКлар тарабынан ырааттуу колдонулган эмес.[31]

*Мамлекеттик каттоо кызматы карама-каршылыктарга жол бербөө үчүн, тиешелүү каттоо базаларын бир-бирине шайкеш келтириши керек. Эски ID карталарды өз убагында жаңыларга алмаштыруу үчүн жарандардга түрткү берүүдө кеңири маалымдоо иштерин жүргүзүү керек.*

БШКнын жоболоруна киргизилген өзгөртүүлөрдөн жана толуктоолордон кийин, шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү, шайлоо күнү нөөмөттө турган укук коргоо органдарынын кызматкерлери, шайлоочуларды биометрикалык идентификациялоочу шаймандардын операторлору, саламаттыкты сактоо кызматкерлери жана шайлоо күнү шайлоо участкаларына дайындалган башка адамдар тиешелүү уюмдардын жетекчилеринин буйруктарынын негизинде тиешелүү шайлоо участкаларындагы тизмелерге киргизилди.[32] Жалпысынан, ДИАУБ ШЧБМдин маектештери шайлоочуларды каттоонун учурдагы системасына ишенээрин билдирди.

20-январда БШК өзүнүн сайтында шайлоого катышкан бардык жарандардын тизмесин жарыялап, аларды бардык шайлоо участкаларына жайгаштырды. Шайлоо участкаларына илинген тизмелерде шайлоочулардын туулган даталары көрсөтүлгөндүктөн, мындай көрүнүш

---

30 Алардын ичинен эски үлгүдөгү (2004-жылкы) паспортко ээ болгон 270 000 шайлоочу учурдагы туруктуу жашаган жерине карабастан, алардын эски паспортторунда көрсөтүлгөн дарек боюнча шайлоо участкаларында катталып калды. Ошол сыяктуу эле, БШКнын төрайымы 23-декабрда жарыялагандай, 2017-жылдын жаңы күбөлүктөрүн алган 30 000 шайлоочу биометрикалык күбөлүктөрүн жаңыртпагандыктан эски даректер боюнча тизмеде калган.

31 Мисалы, оңдоп-түзөтүү өтүнүчүн кабыл алуунун ордуна, Бишкектеги УШК, шайлоочуга МККдагы эски жарандыгын аныктоочу күбөлүктү жаңыртууга кеңеш берди. Ушундай эле кеңешти дагы бир шайлоочу БШКнын ишеним телефону аркылуу алган . Ошондой эле, Бишкек шаарындагы бир УШК, шайлоочулардын даректер базасы убактылуу иштебей жаткандыгына байланыштуу, аларды оңдоо боюнча өтүнүчүн кабыл алган жок, ал эми башка УШКлар маалымат базасына кирүүгө мүмкүнчүлүк болбогондугуна карабастан оңдоп-түзөтүү өтүнүчүн кабыл алышты.

32 Байкоочуларды камтыган эмес.

жеке маалыматтарды коргоо боюнча суроолорду жаратат.[33] 2017-жылдагы шайлоо мыйзамына киргизилген өзгөртүүлөрдөгү мындай практика, шайлоо жараянынын ишенимдүүлүгүн камсыз кылууга багытталган болсо дагы, ал эл аралык деңгээлдеги тажрыйбага шайкеш келбейт.[34]

*Добуш берүү дарегин жүйөлүү себептерден жана чектелген сандагы өтүнүчтөрдү эске алуу менен бирге убактылуу өзгөртүү укугунан пайдалануу, шайлоо убагында бардык шайлоочуларга берилиш керек. Добуш берген шайлоочулардын тизмесин жарыялоого жол бербөө керек.*

## VII. ТАЛАПКЕРЛЕРДИ КАТТОО

Жаш курагы 35 жаштан төмөн эмес жана 70 жаштан жогору эмес, республикада жалпысынан 15 жылдан кем эмес жашаган, мамлекеттик тилде эркин сүйлөгөн кыргыз жараны талапкер болуп каттала алат. Кылмыш жазасын акырына чейин өтөп бүтпөгөн жарандардын каттоодон өтүүсүнө тыюу салынат. Жасаган кылымышынын oордугуна карабастан, аны жойо элек жарандардын талапкер катары каттоодон өтүүсүнө тыюу салынат,[35] бул көрүнүш ЕККУнун Копенгаген документинин 24-пунктуна каршы келет.[36] Башка өлкөнүн жарандыгы бар жарандарга дагы талапкер болуп катталууга болбойт. ДИАУБ жана Венеция Комиссиясы бул чектөөлөрдү кайрадан карап чыгуусун буга чейин сунуштаган эле.[37]

Талапкерлер өз алдынча же саясий партиялар аркылуу шайлоого катыша алышат. БШКга, башында 65 адам талапкерлигин көрсөтүү боюнча документтерин жөнөткөн болсо, БШК, 50 талапкердин мыйзам талаптарына жооп бере тургандыгын тастыктаган.[38] Катталып жаткан ар бир талапкер, 30 000ден кем эмес шайлоочунун колун топтоого,[39] шайлоо өнөктүгүн каржылоо үчүн өз шайлоо фондун түзүүгө жана бир миллион (болжол менен 10 000 евро) шайлоо күрөөсүн төлөөгө милдеттендирилет.[40] ДИАУБдун мурда берген сунуштарына ылайык, коюлган колдорду текшерүү зарыл болгон сандагы ишенимдүү колдорду аныктаганга чейин гана жүргүзүлөт.

33 Жарыяланган шайлоочулардын алдын ала жана акыркы тизмелеринде, шайлоочулардын туулган датасы жана дареги көрсөтүлбөш керектиги шайлоо жөнүндө мыйзамда каралган. Бирок, добуш берген жарандардын тизмесине кайсы купуялуулук маалыматтар киргизилиши мүмкүн экендиги көрсөтүлгөн эмес.

34 Венеция комиссиясынын 2002-жылдагы Шайлоо маселелериндеги жакшы тажрыйба кодексинин 840/2016 интерпретациялык декларациясында “Шайлоого катышкан шайлоочулардын тизмесин жарыялоого жол бербөө керек” деп сунушталат. 1990-жылдагы БУУнун Башкы Ассамблеясынын Жеке маалыматтардын компьютерлештирилген файлдарын жөнгө салуу боюнча көрсөтмөсүнүн 3-беренесин караңыз.

35 2020-жылдын октябрь айында Жогорку Сот, Курсан Асановко, Жапаров мырзага жана Равшан Жээнбековго карата мурда чыгарылган сот өкүмдөрүн жокко чыгарды.

36 1996-жылдагы БУУнун КЖКБнын №25-Жалпы эскертүүсүнүн 15-пунктунда “шайлоого катышуу укугуна болгон ар кандай чектөөлөр, мисалы, жаш курагы боюнча, объективдүү жана акылга сыярлык критерийлер боюнча аткарылышы керек. Шайлоого катышууга укугу бар адамдар негизсиз же басмырлоочу негиздерден улам четтетилбеши керек ”.

37 Шайлоо мыйзамдарын бузгандыгы үчүн колдонулган санкцияларга байланыштуу айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө 2020-жылдагы ДИАУБ жана Венеция комиссиясынын биргелешкен корутундусунда “кош жарандыгы бар жарандардын мамлекеттик кызматты ээлөөгө болгон чектөөлөрдү азайтууга жана алып салууга тийиштүү көңүл буруу” сунушталды.

38 Үч талапкер соттуулугу жоюла электигине байланыштуу каттоодон четтетилсе, ал эми тогуз талапкер мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоочу сертификатты тапшырбагандыгы үчүн четтетилген. 65 талапкердин ичинен сегизи гана аял киши болгон жана алардын бирөөсү саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн.

39 Талапкерлерге 30 000ден 60 000ге чейин активдүү шайлоо укугуна ээ шайлоочулардын кол тамгаларын топтоого уруксат берилген. Шайлоочулар ар башка талапкерлерди колдоп кол коюуга укуктуу.

40 Шайлоо күрөөсү добуштардын жок дегенде бир пайызын алган же бюллетень бекитилгенге чейин баш тарткан жана БШК тарабынан каттоодон четтетилген талапкерлерге кайтарылып берилет. 1 евро болжол менен 100 сомду (*кыргыз сому*) түзөт.

Талапкерлерди каттоодон өткөрүү жалпысынан инклюзивдүү жүрдү. Мыйзамда көрсөтүлгөн мөөнөткө чейин 20 талапкер каттоо документтери менен кошо кол тамгалардын тизмесин жана шайлоо күрөөсүн төлөгөндүгүн тастыктаган документтерди тапшырды.[41] Кол тамгалардын тизмесин текшерүү жана ырастоо процесси аяктагандан кийин, БШК эки талапкерди жарактуу кол топтолбогондуктан каттоодон баш тартты.[42] БШК 18 талапкерди, алардын арасында бир аял талапкерди каттоодон өткөрдү. Талапкер Жапаровду каттоо учурунда, БШКнын эки мүчөсү анын президенттин милдетин аткаруучу кызматынан кеткендигин тастыктаган документтин жоктугун билдирип, каршы чыгышкан.[43] Текшерүү процесси талапкерлердин өкүлдөрү, коомдук байкоочулар жана медиа өкүлдөрү үчүн ачык өтүп, ачык-айкындуулуктун өсүшүнө салым кошту.

Ошого карабастан, мөөнөтүнөн мурда өтүүчү шайлоонун өткөрүү убактысы кыскартылгандыктан, бир нече талапкерлер үчүн процедуралык талаптар оор болду. Жети талапкер БШКга кайрылып, кол топтоонун кыскартылган мөөнөтүнө байланыштуу кейгөйлөрүн билдиришти.[44] Перспективдүү талапкерлер шайлоо фондун ачкандан кийин гана кол топтоого кирише алышат. БШК талапкерлерге керектүү документтерди тапшыргандан кийин төрт күндөн тогуз күндүн ичинде талаптарга жооп берди деген ырастаманы (маалымдаманы) бергендиктен, кол тамгаларды топтоо мөөнөтү дагы да кыскартылды.

Жарандар, референдумга коюлган маселелерди колдогон же ага каршы болгон үгүт топторун түзүүгө укуктуу, бирок, мыйзамда топторду каттоонун так мөөнөтү көрсөтүлгөн эмес. БШК референдумду үгүттөө үчүн 15 топту каттоодон өткөрдү.[45] ДИАУБ ШЧБМдин бир дагы маектеши каттоодон өткөрүүнүн инклюзивдүүлүгүнө байланыштуу маселелерди көтөргөн эмес.

## VIII. ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨНӨКТҮГҮ

Референдум боюнча үгүт иштери 11-декабрда, ал эми шайлоо алдындагы үгүт иштери 15-декабрда башталып, 9-январда, шайлоо участокторунун ачылышына 24 саат калганда аяктаган. Үгүт иштери тынч, токтоо жана бир гана талапкердин басымдуулук кылганы менен өттү. Анда негизинен, талапкерлердин жеке өздүгүн жана профилин көтөргөн жалпы билдирүүлөргө, ошондой эле коррупция менен күрөшүү жана жакырчылыкты жоюу сыяктуу кенен темаларга көңүл бурулган. Шайлоочулар менен жолугушуу учурунда талапкерлер жергиликтүү аудиторияга ылайыкташтырылган ар кандай жергиликтүү маселелерди чечүүгө убада беришти, мисалы, жергиликтүү имаратты же инфраструктураны оңдоп-түзөтүү сыяктуу иштер. Үгүт иштерине аялдар активдүү катышып, жолугушуулардын 30 пайызын түзүшкөндүгү байкалды.[46] Ошол эле учурда, үгүт иштеринде гендердик теңдикти сактоо боюнча маселелер көтөрүлгөн жок.

---

41 Он сегиз талапкер өз ыктыяры менен талапкерликтен баш тартса, калган он экиси жетиштүү кол тамгаларды чогулта албагандыгына байланыштуу четтетилген.

42 Бир учурда жалпы 30 106 сандагы берилген кол тамгалардын 902си жараксыз деп табылса, ал эми экинчи учурда, кол тамгалар коюлган баракчаны толугу менен жараксыз деп табылгандыгы, ага себеп болуп, кагаздарды басып чыгарууда каржылык отчеттун шарттары бузулгандыгы айтылат. БШКнын акыркы чечими боюнча апелляциялык арыз ийгиликсиз болду.

43 БШКнын 2020-жылдын 12-декабрындагы №463 чечимин караңыз.

44 БШК кол топтоо мөөнөтүн узартууга мыйзамдуу негиз тапкан жок.

45 Президенттик башкаруу формасын колдогон сегиз “макул” үгүт тобу, президенттик формага “каршы” бир үгүт топ, парламенттик форманы колдоо үчүн үч “макул” үгүт тобу, ал эми парламенттик формага “каршы” бир үгүт топ катталган болсо, “бардыгына каршы” дагы эки үгүт тобу катталды.

46 ДИАУБ ШЧБМ шайлоо алдындагы үгүт иштеринин алкагында 36 жолугушууга байкоо жүргүздү.

Үгүт чөйрөсү көрүнүктүүлүгү, жеткиликтүүлүгү жана географиялык масштабы жагынан талапкер Жапаровдун басымдуулук кылышы менен мүнөздөлдү. Анын гана плакаттары жана жарнак такталары бүткүл өлкө боюнча кеңири илинип, анын гана үгүт иштерин өлкө боюнча түзүлгөн үгүт кеңселери жасады. Жапаров мырзанын элдер менен болгон жолугушуулары бардык аймактарда болуп өтүп, ага негизинен миңдеген катышуучулар, анын ичинде жергиликтүү кадыр-барктуу адамдар жана мамлекеттик кызматкерлер катышты. ДИАУБ ШЧБМ Жапаров мырзанын гана атынан үймө-үй кыдырып, кенен маалыматтар таратылгандыгы байкалды.

Көпчүлүк талапкерлер үгүт иштерин эркин жүргүзүшсө, калгандары шайлоо штабтары аз болгондугунан жана негизинен ресурстардын жетишсиздигинен улам, постерлерде жана жарнак такталарында көп көрүнгөн жок. Алардын иш-чаралары анда-санда болуп, улуттук масштабга ээ болгон эмес жана көпчүлүк учурларда алар менен өткөн жолугушууларда бир нече ондогон жана жүздөгөн катышуучулар болду. Айрым талапкерлер аймактарда бир канча үгүт иштерин жүргүзүшсө, айрымдары Бишкектен тышкары үгүт иштерин таптакыр жүргүзгөн жок.[47] Кийинчерээк, үгүт учурунда бир нече талапкерлер өз билдирүүлөрүн координациялап, Жапаров мырзаны мыйзамсыз талапкер катары көрсөтүү менен, анын соттуулугун жокко чыгарып, ал *де-факто* эч качан президенттик бийликтен жана ресурстардан баш тарткан эмес деп чыгышты.[48]

Жапаров мырзанын жогорку кадыр-баркы салттуу ЖМКда жана социалдык тармактарда үстөмдүк кылган. ДИАУБ ШЧБМ социалдык тармактарда аны колдогон окшош кампаниялар жөнүндө ишенимдүү отчетторду алды жана аны сындагандарга жеке кол салууларды байкады.[49]

Жараяндын жүрүшүндө административдик ресурстарды пайдалануу боюнча маселелер ДИАУБ ШЧБМдин маектештеринин көпчүлүгү тарабынан көтөрүлүп, негизинен мамлекеттик жана жергиликтүү органдар тарабынан жолугушуу жайларын берүүдөгү теңсиздикке байланыштуу болгон. Маектештер, жергиликтүү бийликтин уруксат берүүдөн баш тартуу себептерин ишенимсиз деп эсептешип, бирок өч алуудан коркуп, башка маалыматтарды берүүдөн баш тартты.[50] Жапаров мырзанын үгүт учурундагы эл менен болгон жолугушууларына мамлекеттик кызматкерлердин түздөн-түз катышуусу дагы ДИАУБ ШЧБМдин маектештери тарабынан айтылды.[51] Жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнө, башка талапкерлердин ишенимдүү адамдарына жана айрым шайлоочуларга жараяндын жүрүшүндө кысым көрсөтүлүп, ошондой эле, уюшкан

---

47 Талапкер Клара Сооронкулова Жапаров мырзанын колдоочулары тарабынан коркутуулар бар экенин сезгендиктен, ал борбор калаадан сырткары үгүт иштерин жүргүзбөгөндүгүн, ал эми талапкер Жээнбеков ага карата козголгон кылмыш иштери боюнча соттун чечимине байланыштуу Бишкекте калууга аргасыз болду.

48 29-декабрда талапкерлер Иманалиев, Исаев, Мадумаров жана Сооронкулова БШКнын Жапаров мырзаны каттоо боюнча мурунку чечимине каршы чыгып, Бишкек административдик сотуна биргелешкен доо арыз менен кайрылышкан. Алар президенттин расмий резиденциясын, кызматтык унаасын, президенттин коопсуздугун камсыздоо, ошондой эле Жапаров мырзанын мамлекеттик жана аймактык чиновниктердин үстүнөн президенттин ыйгарым укуктарын *де-факто* жүзөгө ашыруу укугун пайдаланган деп айыпташкан. Сот жараяны БШКнын чечимдерине даттануу үчүн белгиленген мөөнөттө берилбегендиктен, 2-январда четке кагылды.

49 Маалыматка ылайык, Facebook, шайлоо учурунда коомдук пикирди бурмалаган бир нече жүз жасалма аккаунтту өчүргөн.

50 ДИАУБ жана Венеция Комиссиясынын 2016-жылдын Шайлоо процесстеринде административдик ресурстарды туура эмес пайдалануунун алдын алуу жана ага чара көрүү боюнча биргелешкен колдонмосунун II.B.1.2 бөлүмүндө “Эгерде коомдук имараттарга жана объектилерге үгүт иштерин жүргүзүү үчүн уруксат берилсе, анда мыйзамдык базада бирдей мүмкүнчүлүктөр жана партияларга жана талапкерлерге ресурстарды адилеттүү бөлүштүрүүнүн так тартиби каралышы керек”.

51 Мисалы, ДИАУБ ШЧБМге Өзгөн шаарында (Ош облусу) айылдык кеңештин башчысы мугалимдерге талапкер Жапаров менен болгон жолугушууга катышууга буйрук бергендигин маалымдашты. Балыкчы шаарында (Ысык-Көл облусу) 150дөн ашык милиция кызматкерлери Жапаров мырзанын элдер менен болгон жолугушуусуна катышышты деген маалымат келип түштү.

кылмыштуулуктун шайлоого тийгизген таасири жөнүндө кооптонуулар айтылды.[52] Шайлоо процессине мыйзамсыз катышкандыгын жана каалаган талапкерди артыкчылыктуу колдой тургандыгын көрсөткөн ар кандай практика мамлекеттик кызматкерлердин бейтараптуулук принцибине дал келбейт.[53]

*Бийлик бейтараптуулукту сактап жана жакшы тажрыйбага ылайык, шайлоо процессинин жүрүшүндө бардык атаандаштарга бирдей шарттарды түзүп бериши керек. Ушуга байланыштуу, бейтараптуулукка үндөө үчүн, шайлоого катышкан мамлекеттик жана башка коомдук мекемелердин кызматкерлери үчүн тренингдерди үзгүлтүксүз өткөрүп туруу керек.*

Референдум боюнча өнөктүк, шайлоо өнөктүктөрү менен катар жүргүзүлдү. Референдумга катышкан 15 үгүт тобу, сыналгыдагы акысыз эфир убактысын кошпогондо, коомчулукка анча байкалган жок.[54] Талапкер Жапаров президенттик башкаруу формасынын демилгечиси жана негизги колдоочусу болуп, натыйжада бул референдумга карата эң көрүнүктүү үгүт ишине айланды. Калган башка талапкерлер "баарына каршы" варианты менен парламенттик башкаруу үчүн үгүт жүргүзүштү же референдумга бойкот жарыялоого чакырышты. Шайлоо өнөктүктөрүнүн чектелген учурларындагыдай эле, алардын референдум жөнүндөгү отчеттору коомчулуктун көңүлүн бура алган жок.

Жалпысынан алганда, өнөктүктөрдө конкреттүү үгүт саясатынын сунуштары боюнча чыныгы коомдук талкуулар жана референдумдун ар кандай варианттарынын мааниси жана кесепеттери жөнүндө чыныгы талаш-тартыштар болгон жок. ДИАУБ ШЧБМдин көпчүлүк маектештери шайлоочулар үчүн референдумдун үч вариантын жана алардын кесепеттерин түшүнүү кыйын экендигин жана конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн түшүндүрүү иштери жана консультациялар үчүн көбүрөөк убакыт талап кылынышын белгилешти.[55]

## IX. ӨНӨКТҮКТҮ КАРЖЫЛОО

Шайлоо жана референдум жөнүндөгү мыйзамдар үгүт иштерин каржылоонун ачык-айкындуулугун камсыз кылат; бирок көзөмөлдөө жана санкциялар менен байланышкан айрым аспектилер чечилбей келет. Эки мыйзамда тең мамлекеттик түздөн-түз каржылоо каралган эмес. Шайлоо жана референдум өнөктүктөрү жарандардын жана юридикалык жактардын, анын ичинде саясий партиялардын ыктыярдуу кайрымдуулук берүүлөрүнөн каржыланат.[56] Чет элдик,

---

52 Ошто, мамлекеттик кызматкерлер өздөрүнүн саясий эркин билдирүүдөн кооптонуп, Жапаров мырзадан башка бирөөлөр үчүн атайын жайларга плакаттарды илүүдөн коркушканын ДИУАБ ШЧБМге билдиришти. Нарында, мамлекеттик кызматкерлер Жапаров мырзанын элдер менен жолугушууларды өткөрүү үчүн жергиликтүү стадионду, ондолуп жаткандыгына карабастан берүүгө мажбур болуп жатышканын билдиришти.

53 ДИАУБ жана Венеция Комиссиясынын 2016-жылдын [Шайлоо процесстеринде административдик ресурстарды туура эмес пайдалануунун алдын алуу жана ага чара көрүү боюнча биргелешкен колдонмосунун] II.A.3 бөлүмүндө "Шайлоо учурунда мамлекеттик кызматкерлердин өз милдеттерин калыс аткаруусу үчүн так талаптарды мыйзамдык базага камтыш керек. Мындай эрежелер аркылуу мамлекеттик кызматтын калыс жана кесипкөй иштешин орнотуш керек".

54 *ЭлТР* референдум топторунун арасында дебаттарды уюштурду.

55 2007-жылдагы Венеция Комиссиясынын Референдумдар боюнча мыкты тажрыйбасынын 3.1.- пунктунда бийлик объективдүү маалымат бериши керек. Бул референдумга берилген тексттин жана түшүндүрмө отчеттун же сунуштун тарапкерлери менен каршылаштарынын үгүт материалдары шайлоочуларга салмактуу жана алдын-ала жетиштүү болушу керек дегенди билдирет".

56 Талапкерлер, жалпысынан үгүт иштерине, талапкерлердин өз эсебинен (50 пайыз), жарандардын (42 пайыз) жана юридикалык жактардын (8 пайыз) салымдарынан турган, жалпы суммасы 122,7 миллион сомду түзгөн каражаттарды чогултушту.Талапкер Жапаровду гана юридикалык жактар колдошту. Алты талапкер үгүт иштерин өз каражаттарынан гана каржылашты.

мамлекеттик же белгисиз булактардан, диний жана кайрымдуулук уюмдарынан шайлоо фондуна каражат кошууга тыюу салынат. Шайлоо мыйзамдарына киргизилген акыркы өзгөртүүлөр жана толуктоолор ыктыярчыларды акысыз негизде тартууга мүмкүнчүлүк берет жана мындай көрүнүш ДИАУБдун мурунку сунушуна ылайык келет. Ошол эле учурда референдумду үгүттөөгө ар кандай накталай жардам берүүгө тыюу салынат. Шайлоо фондун түзүүчү бардык акча каражаттар шайлоо же референдум өткөрүү үчүн ачылган шайлоо фондунун атайын банктагы эсеби аркылуу жүргүзүлүшү керек.[57]

Шайлоо алдындагы өнөктүк иштерин каржылоо эрежелери, ири суммадагы салым кошууга мүмкүндүк берет, ал эми чыгымдардын чеги 200 миллион сом деп белгиленген.[58] Мыйзамдарда үгүт иштерин каржылоо үчүн референдумдун фондун түзүүчү акча каражаттарынын чеги белгиленген эмес, бул эл аралык стандарттарга жана алдыңкы тажрыйбаларга каршы келет.[59]

*Референдумдун маселелери боюнча үгүт иштерин жүргүзүүдөгү салымдарга жана чыгымдарга болгон чектөөлөрдү киргизүү үчүн укуктук базаны өзгөртүү керек.*

Мыйзамга ылайык, бардык талапкерлер шайлоо күнүнө чейин эки аралык каржылык отчетун жана 17-январга чейин акыркы отчетун беришкен. Референдум боюнча үгүт топтору референдумдун жыйынтыктары жарыялангандан 30 күндөн кийин акыркы финансылык отчетун берүүгө милдеттүү. Саясий партиялар жөнүндө мыйзамда, саясий партиялардан президенттик шайлоо учурунда  же референдумду үгүттөөдө же үгүттөн тышкары мезгилде салымдар же чыгымдар жөнүндө отчет берүүсү талап кылынбайт, мындай тажрыйбаны мыкты деп атоого туура келбейт.[60] Накталай салымдар базар баасына жараша бааланышы керек, бирок ДИАУБ ШЧБМдин бир нече маектештери натуралдык жана акчалай салымдарды ачыктоо боюнча так көрсөтмөлөр жок деп билдиришет.[61]

Шайлоого байланыштуу үгүт иштерин каржылоону көзөмөлдөө жана ал жөнүндө коомчулукка маалымат берүү БШКга жүктөлгөн. Жакшы жышаан катары, БШК, шайлоо фонддорунун каражаттарынын келип түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө маалыматты өзүнүн сайтына жума сайын жарыялап турганын белгилесе болот.[62] Ошондой эле, бардык талапкерлердин үгүт

---

57 Бардык катталган талапкерлер жана референдум топтору атайын банк эсебин ачышты.

58 Жарандардын жана юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулук берүүлөрүнүн чектери 50 миллион сомду түзөт. Талапкерлер өздөрүнүн жеке эсебинен үгүт иштерине 15 миллион сомго чейин сарптай алат. Талапкер Жапаров гана уруксат берилген максималдуу сумманы өз эсебинен кошкон. 20-январда БШКнын эки мүчөсү шайлоонун жыйынтыгы боюнча өзгөчө пикирин билдирип, бул акча текшерилбеген булактардан алынган деп божомолдогон.

59 1996-жылдагы БУУ АУК ЖСУЭАПтын №25 Жалпы эскертүүсүнүн 19-пунктунда шайлоо өнөктүгүнө жумшалуучу каражаттарга чектөөлөрдү киргизүү боюнча «керек болгон учурда шайлоочулардын эркин тандоосуна шек келтирбөө же кандайдыр бир талапкердин, же партиянын атынан пропорционалдуу эмес чыгымдар аркылуу демократиялык процессти бурмалоо» каралат. 2007-жылдагы Венеция комиссиясынын Референдум өткөрүү боюнча жакшы тажрыйба кодексинин Түшүндүрмө меморандумунун 24-бөлүмүндө: “Саясий партияларды жана шайлоо өнөктүктөрүн мамлекеттик жана жеке каржылоо боюнча улуттук эрежелер референдум өнөктүгүндө колдонулушу керек” деп айтылат.

60 2020-жылдагы ДИАУБ жана Венеция комиссиясынын Саясий партияларды жөнгө салуу боюнча биргелешкен көрсөтмөсүнүн 265-пунктунда мындай деп айтылган: “Саясий партиялар үгүт өнөктүгүнөн тышкары мезгилде, жок дегенде, жыл сайын каржылык отчетту тиешелүү көзөмөлдөөчү органга берүүгө милдеттүү. Бул отчеттордо салымдар жөнүндө маалымат жана бардык чыгымдардын түшүндүрмөлөрү камтылышы керек”.

61 Бул салымдар акыркы отчеттордо гана чагылдырылат. 2020-жылдагы ДИАУБ-Венеция комиссиясынын Саясий партияларды жөнгө салуу боюнча биргелешкен көрсөтмөсүнүн 209-пунктунда кайрымдуулук берүүлөрдүн ачык-айкын болушу керек деп айтылган.

62 Жалпысынан, бардык талапкерлер үгүт иштерин жүргүзүү үчүн болжол менен 121 миллион сом сарпташты. Алардын ичинен талапкер Жапаров 65,5 миллион сомдон (54 пайызга жакын), талапкер Бабыржан Толбаев

өнөктүгү боюнча каржылык отчеттору жарыяланды. Ушундай эле маалыматтар үгүт иштерин жүргүзүү үчүн каражат чогулткан алты референдум үгүт тобу үчүн дагы жарыяланды.

БШКнын маалыматы боюнча, бир дагы саясий партия талапкерлерге же референдум боюнча үгүт топторуна салым кошкон жок, бирок, ДИАУБ ШЧБМдин маектештери айрым саясий партиялар талапкерлерге каржылык же материалдык эмес колдоо көрсөттү деп билдиришти.[63] ДИАУБ ШЧБМ тарабынан жүргүзүлгөн медиа мониторингдин жыйынтыктарына ылайык, талапкер Жапаров сегиз телеканалда саясий жарнактарды көрсөтүү үчүн кеминде 32 миллиондон 51 миллион сомго чейин каражат сарптаган болушу мүмкүн, бул расмий билдирилген чыгымдардын суммасынан ашып кетти.[64] ДИАУБ ШЧБМдин бир нече маектештери, кээ бир талапкерлердин үгүт чыгымдарынын бир бөлүгүн үчүнчү жактар, атайын үгүт эсеби аркылуу каттабастан туруп жабышкан деп ырасташты жана мындай аракеттер мыйзамга каршы келет жана ачык-айкындуулукту төмөндөтөт.[65]

*Шайлоого байланыштуу үгүт иштерин каржылоо, анын ичинде чыгымдардын чеги жана отчеттуулук боюнча эрежелери, ачык-айкындуулукту жана отчеттуулукту камсыз кылуу үчүн үгүт иштерине катышкан үчүнчү жактарга дагы колдонулушу керек.*

Үгүт иштерин каржылоону көзөмөлдөөгө көмөктөшүү үчүн БШКнын мүчөлөрүнөн жана кызматкерлеринен, ошондой эле фискалдык органдардын кызматкерлеринен турган Көзөмөлдөө-текшерүү тобу түзүлдү. Шайлоо жана референдум жөнүндө мыйзамдарда дагы, БШКнын көрсөтмөлөрүндө дагы текшерүүнү кандай жүргүзүү керектиги жөнүндө эч кандай жобо жок, бул жакшы тажрыйбага карама-каршы келет. Көзөмөлдөө-текшерүү тобу ДИАУБ ШЧБМге аудиттин көлөмү чектелүү жана негизинен демөөрчүлөрдүн үгүт өнөктүгүнө кошкон салымдарынын жана чыгымдарынын мыйзамдарга ылайык келишине көңүл бурарын билдирди.[66]

---

12,5 миллион сомдон (10 пайызга жакын) ашык чыгым жумшады, ал эми калган талапкерлердин ар бири 5 миллион сомдон ашык эмес акча каражаттарын сарптады.

63 Мисалы, ДИАУБ ШЧБМ, Жалал-Абад облусунда талапкер Жапаровдун атынан *Мекенчил* саясий партиясы үгүт жүргүзүп жаткандыгын байкады. Социалдык тармактарда Жапаровду *Биримдик*, *Мекеним Кыргызстан* жана *Республика* саясий партиялары колдошту. ДИАУБ ШЧБМге Нарын облусундагы *Кыргызстан* жана *Замандаш* партиялары тарабынан Жапаров мырзага каржылык колдоо көрсөтүлгөндүгү маалымдалды.

64 Эсептөөлөр, басылып чыккан прейскуранттардын негизинде, *5- канал*, *7-канал*, *ЭлТР, КТРК*, *НТС, ОшТВ, Пирамида жана TV1.kg* каналдарында прайм-тайм убагында (18:00-24:00) Жапаров мырзага байланыштуу саясий жарнамаларды чагылдыруу аркылуу жүргүзүлгөн. Жапаров мырзанын расмий каржылык отчетуна ылайык, ал үгүт материалдарын телеберүүлөрдө көрсөтүүгө 11 миллион сомго жакын, ал эми аудиовизуалдык жана башка үгүт материалдарын чыгарууга 20 миллион сомго жакын акча короткон.

65 Мисалы, ДИАУБ ШЧБМге талапкерлер Иманалиев, Исаев, Мадумаров жана Сооронкулованын 29-декабрдагы биргелешкен жыйыны үчүн жыйындар залынын ижара акысы түздөн-түз жарандык активист тарабынан төлөнгөндүгү маалымдалды. Дагы бир мисалда, талапкер Жапаровдун Кара-Балта шаарындагы (Чүй облусу) жарнамалык тактасын ижара акысын жарнактын ээси төлөгөн. 2020-жылдагы ДИАУБ жана Венеция комиссиясынын Саясий партияларды жөнгө салуу боюнча биргелешкен көрсөтмөсүнүн 256-пунктунда "партияларга жана партиялардын талапкерлерине карата колдонулган салыштырмалуу милдеттенмелер жана чектөөлөр менен жөнгө салуунун айрым түрлөрү ачык-айкындуулукту жана отчеттуулукту камсыз кылуу максатында үгүт иштерине катышкан үчүнчү жактарга колдонулушу маанилүү. Үчүнчү жактар саясий партиялардай эле кайрымдуулук жана чыгымдарды сактоо эрежелерине баш ийиши керек, үчүнчү жактар үгүт иштерин каржылоо эрежелерин айланып өтүү сыяктуу учурларда колдонбош керек.

66 2020-жылдагы ДИАУБ жана Венеция комиссиясынын Саясий партияларды жөнгө салуу боюнча биргелешкен көрсөтмөсүнүн 278-пунктунда мындай деп айтылган: "Партиялар жана талапкерлер тарабынан берилген эсептерге мониторинг жүргүзүү жана каржылык отчеттордун аудитин жүргүзүү укугу көзөмөл органына берилиши керек. Финансылык жөнгө салуу - бул жөнгө салуучу органдар тарабынан басмырлоочу же бир тараптуу мамилеге көп кабылуучу чөйрө. Муну алдын алуу үчүн мыйзамдарда аудитордук процесстин ар кандай кадамдары так көрсөтүлүшү керек". Ошондой эле 2015-жылдагы ДИАУБдун Шайлоо өнөктүгүн каржылоо боюнча колдонмонун 6-бөлүмүн караңыз.

*Маңыздуу көзөмөлдү жүргүзүү үчүн каржылык отчеттуулукка толук аудит жасалышы керек. Мыйзамдык база анын жол-жоболорун, убактысын жана элге жарыялоо тартибин жөнгө салууга тийиш.*

Өнөктүктү каржылоо эрежелерин бузгандыгы үчүн кылмыш жоопкерчилиги гана мыйзамда каралган, ошол эле учурда, жалпы административдик чаралар, талапкерге эскертүү берүүдө же каттоодон чыгарууда дагы колдонулат.[67] Өнөктүктү каржылоого байланышкан арыздарды БШК өзү чечкендин ордуна, аларды укук коргоо органдарына жөнөтүп, аларга байланыштуу далилдер табылбагандыктан, ал иштер кийинчерээк кыскарып кеткен.[68]

*Мыйзамдык базада үгүт иштерин каржылоону бузгандыгы үчүн бир катар административдик жазалар акырындык менен жана чектөө жолу менен аткаралышы керек.*

## X. ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫ (ЖМК)

### A. ЖМК ЧӨЙРӨСҮ

Кыргызстандын динамикалуу медиа чөйрөсү чакан жарнама рыногу менен чектелип, ал COVID-19 пандемиясынын кесепетинен улам ого бетер кыскарган. Телеберүү негизги маалымат булагы бойдон калууда, андан кийин, ага жакынкы орундукта онлайн жана социалдык медиа турат.

Мамлекет тарабынан каржыланган бардык төрт телеканалдарда, октябрь айындагы нааразычылыктардан кийин, алардын башкы директорлору алмашты. Коомдук телерадиоберүү корпорациясы *(КТРК)*-мамлекет тарабынан кеңири каржыланат жана ошол эле учурда коммерциялык мүнөздөгү жарнамаларды сатат.[69] 2020-жылдын октябрь айындагы нааразычылыктардан кийин КТРКнын башкы директору кызматтан кетип, бирок ал кийинчерээк өз чечиминен баш тартууга аракет кылган.[70] Дагы бир мамлекеттик телерадиокомпания, Оштогу *ЭлТР* түздөн-түз мамлекет тарабынан каржыланат жана алардын жарнамалардан келип түшкөн кирешелери түздөн-түз жумшалбайт. Алардын директору октябрь айында ошол кездеги премьер-министр Жапаров тарабынан бошотулган. Жаңы директордун дайындалышы *ЭлТР*дин кызматкерлеринин иш таштоосуна алып келип, 30-октябрда башка директордун талапкерлигин көрсөтүү талабы орун алды. Мамлекет тарабынан көзөмөлдөнгөн

---

67 Кылмыш кодексинде үгүт иштерин каржылоого байланыштуу эки берене бар: 193-берене "Шайлоону каржылоо боюнча ченемдерди бузуу" жана 194-берене "Шайлоо же референдум учурунда акча каражаттарын мыйзамсыз пайдалануу". Жоруктар жөнүндө кодекс жана Бузуулар жөнүндө кодексте үгүт иштерин каржылоо боюнча түздөн-түз жоболор жок. 2020-жылдагы ДИАУБ жана Венеция комиссиясынын Саясий партияларды жөнгө салуу боюнча биргелешкен көрсөтмөсүнүн 281-пунктунда мындай деп айтылган: “кылмыштуу санкциялар коомдук бүтүндүктү бузуучу же улуттук коопсуздукка коркунуч келтириши мүмкүн болгон олуттуу мыйзам бузуулар үчүн сакталат (мисалы, чет өлкөдөн каржыланган учурда) тараптардын акча каражаттарын туура эмес алгандыгы же пайдалангандыгы үчүн гана эмес, ошондой эле жеке мыйзам бузуулары үчүн да колдонула турган административдик жазалардын катарына кирет

68 Мисалы, БШКнын айтымында, 5-январдагы "Common Cause" коомдук уюмунун Токмок шаарында (Чүй облусу) талапкер Жапаров менен жолугушууга шайлоочуларды акысыз ташуу боюнча арызы ИИМ тарабынан далилдердин жоктугуна байланыштуу четке кагылды.

69 *КТРК* - эң көп чагылдырууга жана көрүүчүлөргө ээ болгон телеканал. *КТРКнын* 2019-жылдагы жылдык отчетуна ылайык, каржылоонун 82 пайызга жакыны мамлекеттик бюджеттен, 15 пайызга жакыны коммерциялык жарнамадан түшкөн.

70 Президенттик шайлоо учурунда мурунку директор кызмат ордун калыбына келтирүү максатында *КТРКны* сотко берген.

дагы эки улуттук телеканалдын директорлору, *Пирамиданыкы* шайлоого чейин жана *5-каналдыкы* андан көп өтпөй алмаштырылды.[71]

ДИАУБ ШЧБМ жолуккан менчик маалымат каражаттарынын өкүлдөрүнүн көпчүлүгү, өкмөттүк мекемелерден маалымат алуу жагынан бир топ кыйынчылыктарга дуушар болуп, өкмөттүк аффилирленген маалымат каражаттарына артыкчылыктуу мамиле жасалат деп билдиришти[72] Бардык жеке ЖМКлар чыгым менен иштеп жаткандыгын билдиришти. Ошондуктан, менчик ЖМКлар көбүнчө эл аралык донордук уюмдардан жардам күтүүгө же ээлери каржылык издөөгө аргасыз болуп, анын толук менчиктештирилгендиги ачык-айкын болбогон учурда, көбүнчө саясий катышы бар деп кабыл алышат.[73]

Онлайн медиа каражаттары саясий жактан анчалык деле аффирленбеген деп эсептелгени менен, алар көбүнчө коркутуп-үркүтүүгө жана кысымга дуушар болушат. Акыркы мезгилде журналисттерге карата физикалык жана оозеки, кээ бир учурларда премьер министр тарабынан көтөрүлгөн чабуулдардын орун алышы, мындан ары өзүн-өзү цензуралоого өбөлгө түздү.[74] ДИАУБ ШЧБМдин айрым маектештери акыркы мезгилде журналисттерге карата физикалык жана оозеки чабуулдардын, өзгөчө милиция жана саясий пикеттердин катышуучулары тарабынан көбөйүп жаткандыгына, ошондой эле тиешелүү органдар тарабынан кол салуулар кылдат иликтенбей жаткандыгына тынчсызданып, мындай аракеттер жазасыздык шарттарын жаратууда деп билдирет.

## B. УКУКТУК СИСТЕМА

2010-жылдагы конституцияда өзүнчө пикирге ээ болууга жана сөз жана басма сөз эркиндигине кепилдик берилет. Инсандын ар-намысына шек келтирген маалыматты жайылткандыгы үчүн кылмыштык куугунтуктоо 2011-жылы декриминалдаштырылганына карабастан, тиешелүү учурларда келтирилген моралдык зыяндын ордун толуктоого каралган суммага эч кандай чектөөлөр киргизилген эмес. Бул калыс, аналитикалык жана иликтөөчү отчетторго терс таасирин тийгизип, тиешелүү маалымат каражатынын жабылышына алып келиши

---

71 12-январда Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитеттинин маалымат кызматынын жетекчиси *5-каналдын* жаңы башкы директору болуп дайындалды. 16-январда *5-каналдын* мурунку директору президенттик администрациянын телерадиокомпаниянын редакциялык саясатына такай кийлигишип жаткандыгын белгиледи Фейсбуктагы билдирүүсүндө.

72 Тактап айтканда, 2020-жылдын февраль айында Юстиция министрлиги жеке менчик компаниялардын түзүүчүлөрү жана ээлери жана алардын номиналдык капиталы жөнүндө маалыматты ЖМК аркылуу жарыялоону чектеген ички жобону чыгарган. Министрлик мындай маалымат шантаж үчүн туура эмес пайдаланылышы мүмкүн деп эсептейт. 2021-жылдын 18-январында, *Kloop.kgнин* даттануусунан кийин, Бишкек шаардык соту, чечимди мыйзамсыз деп тапты. 2011-жылдагы БУУ АУК ЖСУЭАПтын №34 Жалпы эскертүүсүнүн 19-пунктунда "Маалымат алуу укугун ишке ашыруу үчүн, мүчө-мамлекеттер коомдук кызыкчылыкты камтыган мамлекеттик маалыматтарды коомчулукка жигердүү жайылтышы керек. Мүчө-мамлекеттер мындай маалыматка оңой, ыкчам, натыйжалуу жана иш жүзүндө жеткиликтүүлүктү болуш үчүн бардык аракеттерди көрүшү керек".

73 Мисалы, мамлекеттик каттоо кызматынын маалыматы боюнча, *7-каналдын* жана *Нур ТВнын* ээси - Мамлекеттик коопсуздук кызматынын башчысы Камчыбек Ташиевдин бир тууган агасы, Казыбек Ташиев. *Next TV* каналынын ээси, талапкер Жээнбековдун жубайы Салкын Алимбаева. Данияр Мырзаев *НТСтин* ээси деп расмий түрдө белгилүү болсо, анын чыныгы ээси мурдагы премьер-министр жана *"Республика"* партиясынын мурдагы лидери Өмүрбек Бабанов экендиги көпчүлүккө маалым.

74 10-октябрдагы пресс-конференция учурунда Жапаров мырза "маалыматты бир аз бурмалап" берип жаткандыгы үчүн анын колдоочулары *Азаттыкты* коркутушкан деп түшүндүрдү. 10-ноябрда Жапаров мырза "чет өлкөдөн келген буйруктардан" улам *Азаттыктын* журналисттери аны катуу сынга алышканын белгиледи.20-декабрда Фейсбуктагы билдирүүсүндө (кийин оңдолгон) Жапаров мырза *Азаттыктын* журналисттерин "эл душмандары" деп атады.

мүмкүн.[75] Анын үстүнө, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин расалык, диний же регионалдык кастыкты козутууга тыюу салган беренелеринин анык эмес чечмелениши акыркы бир нече жыл аралыгында *change.org* сыяктуу бир катар веб-сайттардын жабылышына жана блогерлердин кармалышына алып келди.[76]

*"Улуттук, расалык, диний же региондор аралык кастыкты козутуу" деген эмнени камтый тургандыгын так аныктоону камсыз кылуу максатында, Кылмыш-жаза кодексине ЖСУЭАПтын 20.2-беренесине ылайык, басмырлоого, кастыкка же зомбулукка үндөгөн иштер менен гана чектөө киргизилиши керек. Диффамация жана жалаа жабуу иштери боюнча келтирилген зыяндын ордун толтуруу чектери, доогер тарабынан далилденген чыныгы зыянды гана эске алуу менен киргизилиши керек.*

Шайлоо мыйзамы ЖМКлар тарабынан таратылган маалыматтардын калыс жана чын болушун талап кылат жана талапкерлерге бирдей мамиле жасоону камсыз кылат. Шайлоо жөнүндөгү мыйзамдарда үгүт иштерин ЖМКлар тарабынан чагылдыруунун аныктамасы кеңири берилгендиктен, мындай аракеттер акы төөлөнүүчү жарнамага айланып, аналитикалык жана редактордук чагылдыруу чөйрөсүн чектейт.[77] Мындан тышкары, Шайлоо мыйзамына 2019-жылы киргизилген өзгөртүүлөрдө терс мааниде үгүт жүргүзүүгө тыюу салынат.[78] Жарнамаларды сатууга кызыкдар болгон бардык ЖМКлар, БШКдан аккредитация алуу керектиги жөнүндө мыйзамда так маалымат көрсөт үлгөн эмес.[79] Ушул шайлоонун жүрүшүндө аккредитацияны жоготуп алуу боюнча эч кандай маселе көтөрүлбөсө дагы, ДИАУБ ШЧБМ жолуккан бир катар телерадиокомпаниялар шайлоо өнөктүгүн редакциялык жактан чектелген түрдө чагылдырылышынын себебин аккредитацияны жана анын кесепетинде жарнамадан түшкөн кирешени жоготуп алуу коркунучу менен түшүндүрүштү.

*ЖМКлар үгүт иштерин редакциялык жактан чагылдырууда тоскоолдуктар болбошу үчүн шайлоо алдындагы үгүт иштеринин мыйзамдуу аныктамасына өзгөртүүлөр киргизилиши керек. Саясий жарнаманы сатуунун өбөлгөсү катары ЖМКны аккредитациялоо тутумун жокко чыгаруу керек.*

---

75 2019-жылдын ноябрь айында коррупция иштери боюнча иликтөөнүн жыйынтыгы жарыялангандан кийин, "Эркин Европа"-"Азаттык" үналгысы *(Азаттык)*, *Kloop.kg* жана иликтөө ишине жоопкерчиликтүү болгон журналистке жалаа жабуу боюнча сот иштери козголгон Тиешелүү түрдө 22,5 миллион, 12,5 миллион жана 10 миллион сом айып пул салынган. Ошол учурда иш Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунда каралууда эле. МУК ЖСУЭАПтын №34-Жалпы эскертүүсүнүн 47-пунктунда мындай дейт: "Мүчө-мамлекеттер негизсиз жазалоочу чараларды колдонуудан алыс болуш керек. Тиешелүү учурларда, мүчө-мамлекеттер жеңүүчү тарапка келтирилген зыяндын ордун толуктоо боюнча жоопкерге коюлган айыптарга негиздүү чектөөлөрдү белгилеши керек".

76 ЖСУЭАПтын 20.2-беренесине ылайык "кастык, басмырлоо, душмандык жана зомбулукту козутууга үндөгөн улуттук, расалык же диний кастыкка үгүтөөгө " тыюу салынат. 2011-жылдагы БУУ АУК ЖСУЭАПтын № 34 Жалпы эскертүүсүнүн 25-пунктунда мыйзамдар "алардын аткарылышы үчүн жооптуу адамдарга сөз айкаштарынын кайсы түрүнө чектелөөр коюлганын жана кандай түрлөрү жок экендигин аныктоого мүмкүндүк берүүчү жетиштүү жетекчиликти" камсыз кылыш керек.

77 Шайлоо мыйзамында, атап айтканда, шайлоо алдындагы үгүт деп айрым талапкерлерге карата колдоону билдирүү, талапкерди шайлоонун же шайлабай коюунун мүмкүн болуучу кесепеттерин баяндап жазуу, ошондой эле талапкерлердин, алардын кесиптик иштерине же алардын өздөрүнүн кызматтык (кызмат орундук) милдеттерин аткарууларына байланышпаган ишмердиги жөнүндө маалыматтарды таратуу таанылат.

78 Шайлоо жөнүндөгү мыйзамдын 28.6- беренесине ылайык талапкерге каршы добуш берүүгө чакырыктарды таратууга, тигил же бул талапкер шайланган учурда мүмкүн болуучу терс натыйжаларды сыпаттоого, терс пикирлер менен коштолгон маалыматтарды таратууга, ошондой эле талапкерге карата шайлоочуларда терс мамилени жаратууга көмөктөшүүчү маалыматтарды таратууга мүмкүн эмес.

79 БШК аккредитация берүү максатында, убакытты жана мейкиндикти сатууга кызыкдар болгон бардык ЖМКлардан бир катар документтерди, анын ичинде саясий жарнама үчүн прейскуранттарды тапшырууну талап кылды.

Ушул сыяктуу эле, Референдум жөнүндө мыйзамда үгүт иштерин жана референдумдун варианттары жөнүндө ЖМКларда маалымат берүүнү чектеген так жоболор жок болгондуктан, шайлоо жөнүнжөгү мыйзамдарга гана шилтеме берилет. Бири-бирине дал келген эки үгүт иштеринин жүрүшүндө ЖМКлардын укуктары жана милдеттери боюнча так маалыматтын жоктугу, БШКнын расмий түшүндүрмөсүнүн жоктугу, айрыкча региондордогу ЖМКларда башаламандыктарды пайда кылды.[80] Көп сандаган улуттук жана жергиликтүү ЖМКлар ДИАУБ ШЧБМге санкцияларды алдын алуу үчүн редакциялык макаланын көлөмүн чектөө чечими жөнүндө билдиришти.

Шайлоо жөнүндөгү мыйзамдарда, референдумга коюлуучу маселелерди талкулоо үчүн мамлекеттик аффирленген же мамлекет тарабынан каржыланган ЖМКлар, талапкерлер менен "макул" же "каршы" үгүт топторуна акысыз эфирдик убакытты, жалпысынан, "бир жумушчу күнгө бир сааттан кем эмес" бөлүп берүү каралган. Көптөгөн талапкерлердин жана референдум боюнча үгүт топторунун шайлоочулар менен байланышуусунун бирден-бир мүмкүнчүлүгү болгон *КТРК* менен *ЭлТР* акысыз эфирдик убакытты бөлүп берген. Алардын экөөсү тең мамлекет тарабынан башкарылган жана каржылангандыгына карабастан *5-канал* менен *Пирамида* акысыз эфирдик убакытты бөлгон жок.

Шайлоо өнөктүгүнө акысыз эфир убактысы үгүт өнөктүгү расмий башталаардан бир аз мурун берилген. Референдум жөнүндө мыйзамда референдум топторун каттоонун акыркы мөөнөтү жана үгүт топторунун ортосунда качан жана кантип убакыт бөлүштүрүлүү механизми так көрсөтүлгөн эмес. БШК акысыз эфирдик убакытты, 28-декабрда гана, ошол мезгилде катталган 13 референдум боюнча үгүт топторунун ортосунда бөлүштүрдү.[81] Бул шайлоочулардын маалыматтуу тандоо мүмкүнчүлүгүн ого бетер чектеди.

*Референдум жөнүндө мыйзамга референдум өнөктүгүнүн так регламенти жана референдум топтору үчүн акысыз эфир убактысын бөлүп берүү механизми каралган оңдоолор киргизилиши керек. Шайлоочулардын маалыматтуу тандоосун жеңилдетүү үчүн мыйзамдардагы ар кандай кемчиликтер жана карама-каршылыктар БШК тарабынан жөнгө салынышы керек.*

## C. ЖМКЛАРГА БОЛГОН МОНИТОРИНГДИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Шайлоо өнөктүгүн ЖМКларда чагылдыруу саясий жарнактардын көмүскөсүндө калды.[82] Мониторинг жүргүзүлгөн бардык телерадиокомпанияларда талапкерлердин жаңылыктарды чагылдыруусунун 62 пайыздан 94 пайызга чейинки пайызы акы төлөнгөн болду.[83] Мыйзамдын талаптары так эмес, мындай чагылдыруу акы төлөнүүчү деп так же ырааттуу аныкталган эмес,

80 ЖМКларда үгүт жүргүзүүгө тыюу салынгандыгына байланыштуу, ДИАУБ ШЧБМдин айрым маектештери референдум жөнүндө расмий маалыматтарды жарыялап, же ар кандай башкаруу формаларын салыштырып, же эксперттерди жана депутаттарды айырмачылыктарды талкуулоого чакыра алабы же жокпу билген эмес. Көпчүлүк ЖМКлар референдумдун вариантын колдоо үчүн талапкерлер өзүлөрүнүн акы төлөнүүчү эфирдик убактысын колдоно ала тургандыгын же референдум топтору үгүт өнөктүгүндө кайсы бир талапкер жөнүндө айта ала тургандыгын билишкен эмес.

81 28-декабрдан кийин БШК, дагы эки референдум боюнча үгүт тобун каттады. Бирок, бул топтор акысыз эфирдик убакытты расмий бөлүштүрүүдө катышкан эмес.

82 15-декабрдан 8-январга чейинки аралыкта ДИАУБ ШЧБМ тарабынан алты телеканалга (*5-канал*, *7-канал*, *ЭлТР*, *КТРК*, *НТС* жана *Пирамида*) жана төрт веб-сайтка (*24.kg*, *kaktus.media* жана *Kloop.kgнин* орусча жана *Азаттыктын* кыргызча басылмаларына) мониторинг жүргүзүлдү.

83 *ЭлТР* жана *7-канал* гана талапкерлерге арналган редакциялык жаңылыктарды жеткиликтүү көлөмдө чыгарышты; бирок, мындай чагылдыруу негизинен эки телерадиокомпанияда тең Жапаров мырзанын пайдасына болгон. Ошондой эле, *7-канал* талапкерлер Иманалиев, Исаев, Калмаматов, Касенов, Мадумаров, Сегизбаев жана Сооронкуловаларды терс көрүнүштө чагылдырган.

бул шайлоочуларды анын мүнөзү боюнча адаштырышы мүмкүн.[84] Мониторинг жүргүзүлгөн ЖМКнын жаңылыктар бөлүмүндөгү акы төлөнүүчү материалдардын 99 пайыздан ашыгы талапкер Жапаровдун үгүт иштерин камтыгандыктан, үгүт кампаниясынын редакциялык жактан чектелүү түрдө чагылдырылуусу, шайлоочуларга жеткиликтүү болгон маалымат чөйрөсүн кыйла кыскартып, алардын маалыматтуу тандоо мүмкүнчүлүгүн басаңдатты.

*Мазмундун мүнөзүнө байланыштуу келип чыккан башаламандыкты болтурбоо үчүн, жалпыга маалымдоо каражаттарындагы акы төлөнүүчү саясий жарнамалар жарнамага буйрутма берген адамдардын аты-жөнүн көрсөтүү менен так белгилениши керек. Жаңылыктар жана учурдагы жаңылыктар программаларында акы төлөнүүчү саясий жарнактарды көрсөтүүгө тыюу салынышы керек.*

Төрт мамлекеттик телекомпаниялар – *5-канал*, *ЭлТР*, *КТРК*, *Пирамида* - жана менчик *7-канал* өз жаңылыктар блокторунда жана учурдагы берүүлөрүндө негизинен президенттик башкаруу формасын Кыргыз Республикасы үчүн бирден-бир чечүүчү жол деген маалыматтарды жайылтып, ошол эле учурда парламенттик башкаруу формасын жоопкерчиликсиздиктин системасы катары сынга алды.[85] Ал эми менчик *НТС* телекомпаниясы өз жаңылыктар бөлүктөрүндө БШКнын расмий билдирүүлөрүнө гана басым жасап, референдумга коюлган маселелерди чагылдыруудан баш тартты. Үгүт учурунда референдум топтору тарабынан төлөнгөн расмий саясий жарнамалар көрсөтүлгөн жок. Үгүт маалында референдум топтору тарабынан төлөнгөн расмий саясий жарнамалар көрсөтүлбөй калган. Ошол эле учурда, ДИАУБ ШЧБМ тарабынан жүргүзүлгөн медиа мониторингтин жыйынтыгына ылайык, Жапаров мырза тарабынан каржыланган айрым саясий жаңылыктарда президенттик башкаруу формасына үгүтөө жүргүзүлсө, ал эми калган президенттикке талапкерлер бөлүнгөн эфирдик убакыттын ичинде парламенттик башкаруу формасын үгүттөдү.[86]

*КТРК* алты жолу шайлоо дебаттарын уюштурду.[87] Талапкер Жапаров “ушакка убакыт коротпоону” каалабай тургандыгын билдирип, дебаттарга катышпоону чечкен жалгыз талапкер болду. Дебаттардын форматы талапкерлердин бири-бирине бир гана суроо бере алган чектелген аракетке алып келди. Шайлоо алдындагы дебаттардын жүрүшүндө алып баруучулар мезгил-мезгили менен президенттик системаны ачыктан-ачык колдоп жатышкандыгын көрсөтүштү.[88] Талапкерлерге карата терс кабыл алынышы мүмкүн болгон билдирүүлөргө *КТРК* тыюу салгандан кийин дебаттардын мааниси ого бетер төмөндөдү. Жеке телерадиокомпаниялар 2020-

---

84 ДИАУБ ШЧБМ, кээде акы төлөнүүчү контент дээрлик көрүнбөй турган шрифттерде берилип же бир секундага жетпей көрсөтүлүп жаткандыгын байкады. 2007-жылдагы Европа Кеңешинин Министрлер комитетинин рекомендацияларына CM/Rec(2007)15 ылайык “Эгерде ЖМКлар акы төлөнүүчү саясий жарнаманы чагылдырса, анда укуктук база же өзүн өзү жөнгө салуу тутуму мындай саясий жарнаманын оңой аныктамасын камсыз кылышы керек. ЖМКлар саясий партияларга же саясатчыларга таандык болгон учурда, мүчө мамлекеттер анын коомчулукка ачык болушун камсыздашы керек”.

85 2007-жылдагы Венеция Комиссиясынын Шайлоо маселелериндеги мыкты практиканын кодексинин I 2.2.-пунктунда “сунушту колдогондор жана каршылаштар үчүн башка коомдук ЖМКларда, өзгөчө жаңылыктар бөлүгүндө тең салмактуу чагылдырылышын камсыз кылынышы керек” деп айтылат.

86 Президенттикке талапкер Калмаматов дагы президенттик системага каршы референдум боюнча үгүт тобун каттоодон өткөрүп, натыйжада референдумга ажыратылган акысыз эфирдик убакытты ала алды.

87 Мыйзам базасы телерадиокомпаниялардан бөлүнгөн бош убакыттын кеминде жарымын шайлоо жана референдум боюнча дебаттарга жумшоону талап кылат. Теледебаттар субтитр же жаңдоо тили менен коштолгон жок.

88 Мисалы, 6-январда болгон теледебат учурунда модератор: «Көптөгөн эксперттердин айтымында, парламенттик система иштеп кете алган жок. Парламенттик башкарууда жоопкерчиликсиздик, коррупция жана пара алуу күч алган. Парламенттик система эмнеге кыйроого учурады?» деп айткан. Дебаттарды биргелешип даярдаган АКШнын улуттук демократиялык институту *КТРК* менен кызматташууну 7-январда токтотуп, анын калыс эместигин билдирди.

жылдагы парламенттик шайлоодо БШКнын расмий позициясына таянып эч кандай дебаттарды уюштурган жок.[89]

*Акысыз эфирдик убакытты бөлүп берүү жана бардык мамлекеттик телерадиоберүүлөрдө дебаттарды уюштуруу жөнүндө мыйзам талабына ылайык карап чыгуу керек. Дебаттардын форматы БШКнын регламентинде талап кылынгандай, катышуучулардын ортосунда өз ара аракеттенүүсүнө шарт түзүшү керек. Шайлоо өнөктүгү учурунда талапкерлер атаандаштарын сынга алышына мыйзам жолтоо болбош керек.*

*КТРК* акысыз эфир убакытты бөлүп, дебаттарды уюштургандыгына карабастан, алардын мыйзамдуу милдеттенмелерине жана коомдук мандатына карама-каршы келип, калыстыкты так сактай алган жок.[90] *ЭлТР*, *КТРК* жана *Пирамида* телеканалдарынын жаңылыктары жана учурдагы жаңылыктар программаларында президенттик башкаруу тутумунун пайдасына бир тараптуу чагылдырууга байланыштуу БШКга арыздар келип түшкөн.[91] 29-декабрда БШК бул даттанууларды канааттандырып, бул телерадиокомпанияларды референдумдун бардык варианттарын тең салмактуу чагылдырууга чакырды, ДИАУБ ШЧБМ мониторинг жүргүзгөн программаларда өзгөрүү болгон жок. *КТРК* кээде айрым референдум топторун жактырбай койгон.[92] Ошондой эле 30-декабрда алардын YouTubeдагы расмий каналында көрсөтүлгөн президенттик дебаттардын жазууларын убактылуу чектеп, алардын расмий Facebook баракчасынан өчүрдү.[93]

*Жакшы тажрыйбага ылайык, коомдук жана мамлекеттик телерадиокомпаниялар үгүт иштери жана референдумду үгүттөө жөнүндө маалыматты редакциялык жактан калыс жана тең салмактуу чагылдырууга кепилдик бериши керек.*

ДИАУБ ШЧБМ ЖМКларда Абдил Сегизбаевге, Адахан Мадумаровго жана Исаев мырзага каршы үгүт иштери жүргүзүлгөндүгүн, ошондой эле "жымжырттык күнү" *Пирамид*а жана *7-каналдагы* Жапаров мырзанын пайдасына үгүт жүргүзүлгөндүгүн байкады. БШК үгүт иштеринин жүрүшүнө медиа мониторинг же ЖМКлардын чагылдыруу иштерине кандайдыр бир башка активдүү көзөмөл жүргүзгөн жок, жана ошол эле учурда арыз-даттанууларга реакция жасаганы менен алардын көпчүлүгү өз убагында чечилген жок (*Арыздар жана даттануулар бөлүмүн караңыз*).

*БШК шайлоо өнөктүгүндө шайлоо жөнүндө мыйзамдын ЖМК менен байланышкан жоболорунун сакталышын камсыз кылышы керек. Шайлоо өнөктүгүндө БШКга өнөктүктү чагылдырган мыйзам бузууларды активдүү аныктоо жана текшерүү жана бузулган*

---

89 22-сентябрда, БШКнын Шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка субъекттерин маалымдоо маселелери жана үгүт эрежелери боюнча жумушчу тобу, дебаттарды уюштурууда жок дегенде бир катышуучу катышуудан баш тартса, бирдей мамиле жасалбай калат деген негизде *Next TV*га дебаттарды өткөрүүгө уруксат берген жок.

90 Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндөгү мыйзам, башкалар менен катар, КТРКны жергиликтүү жана эл аралык иш-чаралар жөнүндө чынчыл, объективдүү жана салмактуу маалыматтарды жайылтууга милдеттендирет. 2007-жылдагы Европа Кеңешинин Министрлер комитетинин рекомендацияларынын CM/Rec(2007)15 II.2.-бөлүмүнө ылайык "шайлоо учурунда, мамлекеттик ЖМКлар жана жеке телерадиокомпаниялар, айрыкча, жаңылыктарында жана учурдагы окуяларында, анын арасында интервью же дебат сыяктуу талкуулоо программаларында адилеттүү, тең салмактуу жана калыс болуу керек".

91 *КТРК* парламенттик системаны колдой турган модераторду таппай жатканын билдирди.

92 Арызды кароо учурунда, КТРК бардык варианттарга каршы үгүт жүргүзүп жаткан референдум тобунун телекберүүсүн оңдоп, түзөтүп, берилген 10 мүнөттүн ордуна 8 мүнөттүк гана акысыз эфирдик убакыт бергенин БШК ырастады. КТРК техникалык мүчүлүштүк менен түшүндүрдү.

93 Түз эфирдеги дебаттардан көп өтпөй, бул программаны көрүү "купуя режимине" өткөрүлүп, жалпы үчүн онлайн кирүү мүмкүнчүлүгү алынып салынды. Үч талапкерден БШКга арыз келип түшкөндөн кийин, 4-январда *КТРК* мүмкүнчүлүгүн калыбына келтирип, *КТРКнын* директоруна БШК 5500 сом айып пул салды. *КТРК* бул жагдайды техникалык себептерден улам деп түшүндүрдү.

*уктардын тез калыбына келтирилишин камсыз кылуу үчүн систематикалык түрдө мониторингин жүргүзүү пайдалуу болмок.*

Телеканалдарга салыштырмалуу, мониторинг жүргүзүлүп жаткан онлайн маалымат каражаттары президенттикке талапкерлердин бардыгы жөнүндө көбүрөөк маалымат берди; бирок, Садыр Жапаров терс контекстте көбүрөөк чагылдырылып жатты. Мониторинг жүргүзүлгөн төрт веб-сайттын бардыгы тең редакторлук материалдарды чагылдырууда референдумдун мыйзамдуулугу боюнча суроолорду көтөрүп, референдумга коюлган маселелер чектелген санда гана чагылдырды: *Азаттык* парламенттик башкарууну формасын жактаса, *Kloop.kg* президенттик башкаруу формасын кескин сынга алды.

## XI. УЛУТТУК АЗЧЫЛЫКТАРДЫН КАТЫШУУСУ

Кыргыз Республикасы - көп улуттуу өлкө, анда улуттук азчылыктар калктын жалпы санынын болжол менен 27 пайызын түзөт. Этникалык өзбектер эң ири этникалык азчылык болуп саналат жана алар Кыргызстандын түштүк аймагында отурукташып, жергиликтүү калктын 28 пайызын түзүп келет.[94]

Катталган талапкерлердин арасында этникалык азчылыктардын өкүлдөрү жок болгондуктан этностор аралык мамилелерге байланыштуу маселелер талапкерлердин программаларында так чагылдырылган эмес. Шайлоочуларга билим берүү жана үгүт иштерин жүргүзүүгө байланыштуу материалдар мамлекеттик (кыргыз) жана расмий (орус) тилдерде жарыяланды. Ар кайсы улуттук азчылыктардын өкүлдөрү АШКлардын курамында, жана ошондой эле алар топтолуп жашаган аймактарда аз санда көрсөтүлгөн. Улуттук азчылыктарга карата кастыкты козуткан маалыматтардын эфирде, басылмаларда же социалдык тармактарда чагылдырылгандыгы жөнүндө эч кандай кабар келип түшкөн эмес.

## XII. АРЫЗДАР ЖАНА ДАТТАНУУЛАР

Арыздарды жана даттанууларды шайлоочулар, саясий партиялар жана талапкерлер, алардын ишенимдүү адамдары, жарандык коом уюмдары жана байкоочулар бере алышат. Шайлоо комиссияларынын чечимдерине, аракеттерине жана аракетсиздигине карата алардан жогору турган комиссияларга, ал эми БШКнын чечимдерине биринчи Бишкек шаарынын Административдик сотуна, ал эми Административдик соттун чечимдерине, акыркы инстанциядагы Жогорку сотко даттанууга болот.[95]

БШК түшкөн арыздардын жана башка билдирүүлөрдүн онлайн реестрин жүргүзүп турду. Жалпысынан, мындай механизмдин иштеши шайлоо алдындагы талаш-тартыштардын ачыктыгын жана калктын маалымдуулугун арттырды. Шайлоо күнүнө чейин БШКга мыйзам бузуулар боюнча 80ден ашуун арыздар жана билдирүүлөр келип түшкөн.[96] Жалпысынан,

---

94 Азчылык топторуна этникалык өзбектер (14,7%), орустар (5,3%), дунгандар (1,2%), уйгурлар (1%), ошондой эле тажик, казак, татар, украин, корей жана месхеттик түрктөрдүн чакан топтору кирет.

95 Шайлоо комиссияларына жана сотторго келип түшкөн арыздар жана даттануулар, анын ичинде шайлоонун жыйынтыктары боюнча арыздар, үч күндүн ичинде жөнөтүлүп, дагы үч күн ичинде каралып чыгып же кошумча тергөө талап кылынса, беш күндүн ичинде каралышы керек. Жогорку Сотко жиберилген арыздар жана даттануулар беш күндун ичинде каралышы керек.

96 Бул арыздардын жарымынан көбүндө талапкер Жапаров тарабынан шайлоо эрежелери бузулган деп айтылды. Бул арыздардын 30га жакыны укук коргоо органдары тарабынан четке кагылса, анын 4 гана БШКнын отурумдарында каралган.

шайлоо күнүнө чейин, БШКнын сессияларында 18 арыз каралып чыгып, алардын көпчүлүгү үгүт эрежелерин бузууга байланыштуу болгон. Бул арыздардын бир нечеси талапкерлерге бирдей мамиле жасалбагандыгына байланыштуу болсо, ошол эле учурда, парламенттик башкаруу формасын колдогон референдум топтору менен президенттик башкаруу формасын колдогон үгүт топторуна карата дагы бирдей эмес мамиле жасалгандыгы тууралуу болду.

БШК мыйзам бузууларды аныктап жатканда, бирдей шарттарды камсыз кылуу үчүн натыйжалуу чараларды көрүүнү каалабаган учурлар болду.[97] БШК тарабынан болжолдонгон мыйзам бузууларга өз убагында реакциянын жоктугу шайлоо жөнүндөгү мыйзамдын бузулушуна каршы мыйзамдуу чаралардын натыйжалуулугун төмөндөтүп жиберди.[98] Шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна ыкчам чара көрүү максатында БШК, Ыкчам чара көрүүнүн координациялык тобун түзгөн жана анын курамына укук коргоо органдарынын өкүлдөрү кирген. Бирок, бул топко келип түшкөн арыздардын көпчүлүгү укук коргоо органдарына жөнөтүлгөндүктөн, бул топ караган бир нече маселелер БШК тарабынан каралбай калган.[99] БШК тез арада шайлоого байланыштуу арыздарга санкцияларды колдонушу керек эле, себеби укук коргоо органдары тарабынан жүргүзүлүп жаткан тергөө иштери шайлоо процесси бүткөндөн кийин дагы улануу ыктымалы бар эле.[100] Үгүт иштерине жана үгүт иштерин каржылоого байланыштуу айрым даттануулар БШКнын башка жумушчу топторунда каралып, кээде расмий эмес мүнөздө болуп калган.[101]

*БШК, Шайлоо мыйзамдарынын бузулгандыгы жөнүндө иштерди ачык отурумдарда жана өз убагында карап чыгып, натыйжалуу чараларды көрүшү керек. Ушуга байланыштуу, бардык көмөкчү топтор БШКдан жоопкерчиликти бошоткондун ордуна, арыздар боюнча негиздүү чечимдерди кабыл алууда БШКга жардам бериши керек*

Арыздар боюнча чечимдерди кабыл алууда БШК туруктуу болгон жок. БШК мөөнөтүнөн мурда үгүт жүргүзгөндүгү үчүн эки талапкерге айып пул салса, бирок ушандай жагдай менен Жапаров мырзага карата түшкөн арыз боюнча айып пул, катыштыгы бар жаранга гана салынган.[102] Дагы бир учурда, БШК, Мадумаров мырзанын үгүт иш-чарасына жашы жете элек өспүрүмдүн катышкандыгы үчүн үгүт иштери боюнча башчысына айып пул салган, ал эми талапкер Жапаров тарабынан ушундай эле мыйзам бузуу боюнча арыз БШКнын сессиясында такыр каралган эмес. Дагы бир жагдайда, БШК, Жапаров мырзанын шайлоочулар менен жолугушуусунда үгүт эрежелерин бузгандыгы үчүн ыйгарым укуктуу өкүлгө айып пул салган, бирок талапкерге санкция берүү сунушу БШКнын мүчөлөрүнүн жетиштүү добушун алган жок.[103] Бул 1990-жылдагы Копенгаген Документинин 7.6-пунктуна каршы чыгып, БШКнын бир тараптуу чечим

---

97 Мисалы, БШКнын 5-январдагы отурумунда, парламенттик моделди колдогон референдум тобуна *КТРКда* бирдей көлөмдөгү эфирдик убакытты бөлүүгө милдеттендирилгенби же жокпу белгисиз экендиги каралган. Арыз ээси, ДИАУБ ШЧБМге анын үгүт тобуна акысыз убакыт берилбегендигин маалымдады. Шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамдын 6-беренесине ылайык, үгүт иштеринин катышуучуларына БШК бирдей укуктук шарттарды камсыз кылышы керек.

98 ЖСУЭАПтин 2.3-беренеси ар бир мамлекеттен "укуктары жана эркиндиктери ... бузулган ар кандай адам натыйжалуу жардамга ээ болушун" жана "компетенттүү органдар аларга укуктук коргоо чараларын колдонгондо кепилдик берет" деп талап кылат.

99 Шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамдын 7-беренесине ылайык, БШКда шайлоо мыйзамдарынын талаптарын аткарууну камсыз кылуу укугу бар жана административдик жаза чараларды колдоно алат.

100 Учурдагы мыйзамдарда сотко чейинки тергөө амалдарынын мөөнөтү каралган эмес.

101 Кээ бир арыздарга жана даттанууларга жумушчу топтордун каты менен гана жооп берилип, БШКнын чечимдери чыккан эмес.

102 Талапкер Имамидин Ташовго мөөнөтүнөн мурда үгүт жүргүзгөндүгү үчүн жана талапкер Калмаматовго үгүт иштерин жүргүзүүдө терс маанидеги сындаган сөздөрдү айткандыгы үчүн айып пул салынды.

103 Мыйзамда талапкерлер ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн иш-аракеттери үчүн жооптуу деп айтылат.

кабыл алгандыгын көрсөтөт.[104] ДИАУБ ШЧБМдин көпчүлүк маектештери, шайлоо комиссиялары башкы талапкерге тиешеси жок мыйзам бузууларды гана кылдаттык менен карашат деген көз карашын билдиришти.[105]

*Шайлоо процессиндеги теңдик принциби сакталышы керек. Арыздарды кароодо калыс болуу жана талапкерлерге бирдей мамиле кылуу принциптери БШК тарабынан камсыздалышы керек.*

БШКнын бардык арыздары боюнча сотко кайрылуу жасалып, анын бири дагы жыйынтык берген жок.[106] Кайрылууларды кароонун мыйзамдуу мөөнөттөрү соттор тарабынан сакталып, чечимдер өз убагында жарыяланып турду. Сот тутуму тарабынан шайлоого байланыштуу талаш-тартыштардын калыс чечилишине болгон ишенимдин деңгээли өтө төмөн болгондуктан, ДИАУБ ШЧБМдин көптөгөн маектештери сотторго саясий таасир берилип жаткандыгына тынчсыздануусун билдиришти. 25-декабрда Соттор кеңеши коомчулукка ачык кайрылуу жасап, “укук коргоо органдары тарабынан сот тутумдарына ачык кысым көрсөтүү” көйгөйлөрүнө көңүл буруугa чакырды.[107]

БШКга жана АШКларга шайлоо күнү жана андан кийин болгон мыйзам бузуулар боюнча 100дөн ашык арыздар жана билдирүүлөр келип түштү. Бул арыздар негизинен шайлоо участкаларындагы шайлоо күнүндөгү процедуралардын сакталбашы жана бюллетендерди сканерлерөөчү шаймандардын туура эмес иштешине байланыштуу болду.[108] Өкмөттүк эмес бир уюм 200дөн ашуун шайлоо участкаларында, мисалы, бюллетендерди сканерлерлөөчү шаймандар убактылуу иштебей калышы же УШК мүчөлөрүнүн шайлоо бюллетендеринин жанында туруп алып, добуш берүүнүн купуялуулугун бузгандыгы сыяктуу себептер менен добуш берүүнүн жыйынтыктарын жокко чыгарууну суранган. Бул өтүнүчтөрдүн көпчүлүгү АШКлар жана БШК тарабынан маңызына жараша каралып, мыйзам бузуулар добуш берүүнүн жыйынтыктарына таасирин тийгизген жок деген себептер менен четке кагылды.

## XIII. БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ

Шайлоо мыйзамдары талапкерлердин, жарандык коом уюмдарынын, үгүт топторунун жана эл аралык байкоочулардын шайлоого жана референдумга байкоо жүргүзүүсүн камсыз кылат.[109] Мыйзамга ылайык, мамлекеттик жана укук коргоо органдарынын кызматкерлерине,

---

104 1990-жылдагы ЕККУнун Копенгаген Документинин 7.6-пункту ЕККУга мүчө мамлекеттерди “саясий партияларды жана уюмдарды мыйзам алдында жана бийлик тарабынан тең укуктуулуктун негизинде бири-бири менен атаандашууга мүмкүнчүлүк берүү үчүн зарыл болгон укуктук кепилдиктерди берүүгө” милдеттендирет.

105 Президенттин милдетин аткаруучу болуп турганда, Жапаров мырза укук коргоо органдарынын башчыларын, атап айтканда, ички иштер министрини, Мамлекеттик коопсуздук кызматынын жетекчисини жана Башкы прокурорду алмаштырды.

106 Президенттик шайлоону белгилөө боюнча БШКнын чечимине каршы бир арызды Административдик сот четке какты, анын чечимин Жогорку Сот дагы күчүндө калтырды. Ошондой эле, Жогорку Сот акыркы инстанцияда талапкердин кол топтоо баракчаларын шайлоо фондунан каржыланган эмес деген негизде жараксыз деп табуу жөнүндөгү БШКнын чечимин күчүндө калтырды. Жапаров мырзаны каттоого каршы БШКнын чечими боюнча арыз Административдик сот тарабынан четке кагылып, анын чечими Жогорку соттун чечими менен күчүндө калтырылды.

107 Шайлоо мезгилинде Мамлекеттик Коопсуздук кызматы Жогорку Соттун төрайымына жана үч судьясына каршы кылмыш ишин козгоду. Соттор кеңешинин катын караңыз.

108 Добуштарды сатып алды деп болжолдонгон бир иш прокуратурага жөнөтүлүп, далилдердин жоктугуна байланыштуу андан ары кыскартылды.

109 БШК 35 элчиликтен жана уюмдардан келген 333 эл аралык байкоочуну аккредитациядан өткөрдү. Бардыгы болуп 13 коомдук байкоочу топтор БШКга шайлоого байкоо жүргүзүү ниетин билдиришти, алардын бешөө референдумга байкоо жүргүзүштү.

депутаттарга, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө, сотторго жана прокурорлорго шайлоого байкоочу катары катышууга тыюу салынат. Талапкерлер бир шайлоо комиссиясынын курамына экиден, ал эми бейтарап жарандык байкоочулардын тобу үчтөн ашык эмес байкоочуга чейин каттай алат.[110]

ДИАУБ ШЧБМдин бир нече жарандык коомдун өкүлдөрүнөн турган маектештери БШК менен кызматташтыкты, анын ичинде шайлоонун ар кандай маселелери боюнча инклюзивдүү консультацияларга, ошондой эле байкоо жүргүзүүгө тоскоолдуксуз катышууга жалпысынан оң баа берди. Бир нече бейөкмөт уюмдар ар тараптуу, узак жана кыска мөөнөттөрдө байкоо жүргүзүшүп, шайлоо процессинин ар кандай аспектилери боюнча эл алдында билдирүү жасап жатышты.

## XIV. ШАЙЛОО КҮНҮ

ЭШБМ шайлоо күнүндөгү процесстерге тутумдуу жана ар тараптуу байкоо жүргүзгөн жок, бирок, республиканын бардык аймактарындагы, ошондой эле Бишкек жана Ош шаарларындагы чектелген сандагы шайлоо участкаларында болушту

Шайлоо күнү уюшкандыкта өтүп, шайлоо процессинин ачык-айкындуулугун камсыз кыла алды. Жалпысынан, байкоо жүргүзгөн шайлоо участкалары өз убагында ачылды. Байкоо жүргүзгөн УШКларда добуш берүү процедуралары жалпысынан жакшы уюштурулган жана шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жол-жоболорду жакшы билишкен, бирок, айрым учурларда, шайлоочуларды идентификациялоочу шаймандардагы жана бюллетендерди сканерлөөчү аппараттардагы техникалык мүчүлүштүктөрдүн болгондугу бир нече участоктордогу процессти кечиктирип, үзгүлтүккө учуратты. Шайлоо бюллетендери сканерлерге салынып жатканда, добуш берүүнүн купуялуулугу бузулуп, УШКлар тарабынан эч кандай реакция болгон жок. Жалпысынан, ЭШБМдин маектештери шайлоочуларды идентификациялоо технологиясынын так иштегендигине ишеним билдиришти.

*Добуш берүүнүн купуялуулугуна байланыштуу мыйзамдык жоболор жүзөгө ашырылып, участкалык шайлоо комиссиялары тарабынан аткарылышы керек. Шайлоо бюллетендеринин купуялуулугу канчалык маанилүү экендиги жөнүндө шайлоо комиссияларын окутуу учурунда жана шайлоочуларга билим берүү материалдарында баса белгилөө керек.*

COVID-19 пандемиясын эске алуу менен, БШК Саламаттыкты сактоо министрлиги менен биргеликте вирустун жайылышына каршы, анын ичинде добуш берүүчү жайлардагы социалдык аралыкты сактоо жана шайлоо органдарынын кызматкерлери менен шайлоочуларды жеке коргонуу каражаттары менен камсыз кылуу боюнча атайын көрсөтмөлөрдү иштеп чыкты. Социалдык аралыкты сактоо талаптары участкалардын сыртында жана ичинде дайыма эле аткарыла берген жок.

Шайлоо участкаларынын көпчүлүгүндө мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын добуш берүүсүн жеңилдетүү үчүн пандустар, брайль шрифти менен жазылган нускамалар жана лупалар орнотулган. Ошентсе дагы, айрым шайлоо участокторү экинчи кабатта жайгашып, берилген пандустардын сапаты ар дайым эле жеткиликтүү болгон жок.

---

110 Референдум боюнча үгүт тобунун байкоочулары, бир шайлоо участкасында канча санда болуу керектиги мыйзамда көрсөтүлгөн эмес.

*БШК, ден-соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулардын шайлоо процессине катышуусун жеткиликтүү кылып, жарандык коом уюмдары менен кеңешип, добуш берүүгө тоскоолдуксуз катышуусун жакшыртуу боюнча аракеттерин улантышы керек.*

ЭШБМ байкоо жүргүзгөн шайлоо участкалары өз убагында жабылып, добуштарды эсептөө кечиктирилбестен, ачык-айкын жүргүзүлдү. Добуш берүүнүн алдын ала жыйынтыктары, бюллетендерди сканерлөөчү аппараттан алынган маалыматка негизделип жасалды, андан кийин кол менен саналган бюллетендердин жыйынтыгы келип түштү. Бирок, бюллетендердин жарактуулугуна байланыштуу айрым процедуралык мыйзам бузуулар дагы байкалды.

Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын көпчүлүгүндө талапкерлердин байкоочулары жана коомдук байкоочулар болушту, шайлоо участкаларынын дээрлик бардыгында талапкер Жапаровдун гана өкүлдөрү болушту. ЭШБМдин айрым байкоочулары, бир нече шайлоо участкаларында уруксаты жок адамдар болгонун, анын ичинде жергиликтүү бийлик өкүлдөрүн жана "ыктыярчылар" деп аталган шайлоочуларды байкады.

Жалпысынан шайлоодо 1 395 513 (же 39,16 пайыз) жаран добуш берди.[111] Референдумга катышуу 39,12 пайызды түзүп, анын кабыл алынышы үчүн талап кылынган 30 пайыздык чектен ашты. Ачык-айкындуулукту камсыз кылуу максатында, БШК, алдын ала алынган жыйынтыктардын сканерленген протоколдорун, добуш берүү аяктагандан кийин көп өтпөй өзүнүн веб-сайтына жайгаштырды жана добуштарды кол менен саноонун жыйынтыктарын жарыялоону улантып жатты.

Текшерүүнүн негизинде, аныкталган шайлоочулардын саны менен берилген бюллетендердин санындагы айырмачылыкка байланыштуу АШКлар, сегиз участоктон шайлоо жана он участоктон референдум боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктарын жараксыз деп тапты. 20-январда, БШК шайлоонун акыркы жыйынтыктарын жарыялады жана ага ылайык, Жапаров мырза президент болуп шайланды. БШКнын эки мүчөсү шайлоонун жана референдумдун жыйынтыгына каршы добуш берип, өздөрүнүн өзгөчө пикирлери менен бөлүшүштү.[112]

## XV. РЕКОМЕНДАЦИЯЛАР

Бул отчеттун бардык бөлүктөрүндө берилген рекоммендациялар, Кыргыз Республикасында шайлоолорду өткөрүүнү жакшыртуу жана аларды ЕККУнун алдында алынган жана башка эл аралык милдеттенмелерге жана демократиялык шайлоолорду өткөрүү стандарттарына толук жооп бере ала турган деңгээлге жеткирүү аракеттерин колдоо максатында

[111] БШКнын маалыматы боюнча, 9-январда 18 605 шайлоочу көчмө добуш берүү мүмкүнчүлүгүнөн пайдаланды. Мындай мүмкүнчүлүк ден-соолугуна же майыптыгына байланыштуу шайлоо күнү добуш берүүчү жайга келе албай калгандарга, ооруканаларда жана убактылуу кармоочу жайларда, жетүүгө кыйын жерлерде жашагандарга же милиция жана аскердик милдеттерин аткаргандарга берилди.

[112] Биргелешип жасаган билдирүүдө, БШКнын эки мүчөсү Жапаров мырзанын мыйзамдуулугуна шек санагандыгын, өнөктүк иштерин каржылоодогу мыйзам бузуулар, өнөктүктүн бирдей эмес шарттарда өткөндүгү жана административдик ресурстарды туура эмес колдонгодугу тууралуу айтышты. Референдумдун жыйынтыктары боюнча өзгөчө пикирде, референдумду дайындоо эрежелеринин бузулушу, түшүнүксүз суроолор, шайлоочулардын маалыматтары үчүн жетишсиз убакыт жана үгүт иштеринин бирдей эмес шарттары жөнүндө айтылган.

сунушталат.[113] Бул рекомендациялар, ДИАУБдун мурунку, иш жүзүнө ашырыла элек рекомендациялары менен биргеликте каралышы керек. ДИАУБ, Кыргыз Республикасынын бийлик органдарына шайлоо процессин андан ары өркүндөтүүгө жана ушул жана мурунку отчеттордогу рекомендацияларды жүзөгө ашырууга жардам берүүгө даяр.

## A. Артыкчылыктуу рекомендациялар

1. Эгерде референдум менен шайлоону өткөрүүчү орган бир болсо, анда бийлик, шайлоону жана референдумду бир күндө өткөрбөшү керек.

2. Референдумду өткөрүү, мыйзам чыгаруу иш-аракеттери сыяктуу эле, мыйзамдуулуктун талаптарына, анын ичинде убакыт талаптарына жооп бериши керек. Атап айтканда, аны инклюзивдик жана консультативдик процесстердин негизинде кабыл алуу керек.

3. Шайлоого кызыкдар тараптардын укуктарына жана милдеттерине байланыштуу чечимдерди кабыл алуу, анын ичинде мыйзамдарды аныктоо жана даттанууларды чечүү, БШК тарабынан ачык отурумдарда аткарылышы керек. Мурда сунушталгандай, БШКнын бардык чечимдери өз убагында жарыяланып турушу керек.

4. Абакта жаза өтөп жаткан адамдардын добуш берүү укугуна пропорционалдуу эмес чектөөлөр жана майыптыкка байланыштуу чектөөлөр алынып салынышы керек.

5. Маңыздуу көзөмөлдү жүргүзүү үчүн каржылык отчеттуулукка толук аудит жасалышы керек. Мыйзамдык база анын жол-жоболорун, убактысын жана элге жарыялоо тартибин жөнгө салууга тийиш.

6. Улуттук, расалык, диний же региондор аралык кастыкты козутуу” деген эмнени камтый тургандыгын так аныктоону камсыз кылуу максатында, Кылмыш-жаза кодексине ЖСУЭАПтын 20.2-беренесине ылайык, басмырлоого, кастыкка же зомбулукка үндөгөн иштер менен гана чектөө киргизилиши керек. Диффамация жана жалаа жабуу иштери боюнча келтирилген зыяндын ордун толтуруу чектери, доогер тарабынан далилденген чыныгы зыянды гана эске алуу менен киргизилиши керек.

---

113 1999-жылкы ЕККУнун Стамбул Документинин 25-пунктунда ЕККУга мүчө мамлекеттер «ДИАУБдун шайлоого берген баасын жана рекомендацияларын тезинен аткарууга» милдеттенишкен. Мурунку сунуштардын аткарылышы ДИАУБ ШЧБМ тарабынан төмөнкүчө бааланат: ДИАУБдун 2015-жылдагы парламенттик шайлоо боюнча жыйынтыктоочу отчетунда (2015-жылкы жыйынтыктоочу отчету) берилген 14, 19, 21, 24 жана 29- рекомендациялары жана ДИАУБдун 2017-жылдагы президенттик шайлоо боюнча жыйынтыктоочу отчетунда (2017-жылдын жыйынтыктоочу отчету) берилген 8, 15, 18 жана 22-рекомендациялары жана ДИАУБдун 2020-жылдагы парламенттик шайлоо боюнча жыйынтыктоочу отчетунда (2020-жылдын жыйынтыктоочу отчету) берилген 18-рекомендациялары толугу менен аткарылды. 2015-жылкы жыйынтыктоочу отчетто берилген 2, 4, 6, 11, 17, 25, 27 жана 28 - рекомендациялары, 2017-жылкы жыйынтыктоочу отчетто берилген 1, 3, 9, 10, 11 жана 14 - рекомендациялары жана 2020-жылкы жыйынтыктоочу отчетто берилген 10, 12 жана 19- рекомендациялары негизинен аткарылды. 2015-жылкы жыйынтыктоочу отчетто берилген 1,3, 7, 9, 18 жана 26 - рекомендацияларынын жана 2017-жылкы жыйынтыктоочу отчетто берилген 2, 4, 5, 7, 12, 13, 14, 17, 17, 23, 24 жана 25 - рекомендацияларынын, 2020-жылкы жыйынтыктоочу отчетто берилген 4, 7, 23 жана 25-рекомендацияларынын бир бөлүгү аткарылды. ДИАУБдун шайлоо боюнча рекомендацияларынын маалымат базасын караңыз.

7. ЖМКлар үгүт иштерин редакциялык жактан чагылдырууда тоскоолдуктар болбошу үчүн шайлоо алдындагы үгүт иштеринин мыйзамдуу аныктамасына өзгөртүүлөр киргизилиши керек. Саясий жарнаманы сатуунун өбөлгөсү катары ЖМКны аккредитациялоо тутумун жокко чыгаруу керек.

8. Шайлоо процессиндеги теңдик принцибин сактоо керек. Арыздарды кароодо калыс болуу жана талапкерлерге бирдей мамиле кылуу принциптери БШК тарабынан камсыздалышы керек.

## B. БАШКА РЕКОМЕНДАЦИЯЛАР

### Шайлоо системасы жана укуктук негиздер

9. Референдум жөнүндө мыйзамда шайлоочулардын негиздүү тандоосун жана референдумдун жыйынтыктарынын мыйзамдуулугун камсыз кылуу үчүн референдумга коюлуучу суроолордун түрлөрүнө жана референдумда кабыл алынган чечимдердин кесепеттерине так аныктама берилиши керек. Добуш берүүгө коюлган сунуштар милдеттүү түрдө жүзөгө ашырылышы керек.

### Шайлоону уюштуруу

10. Референдум жөнүндөгү мыйзамга референдумга коюлган маселелер боюнча мазмундуу жана бирдей маалыматтарды берүү үчүн бийликтин так милдеттенмелерин киргизүү маселеси каралышы керек.

### Шайлоочуларды каттоо

11. Бийлик бардык шайлоочулардын, айрыкча чет өлкөлөрдө жашаган жарандардын биометрикалык каттоодон өтүүсүнө өбөлгө түзүү жана жеңилдетүү боюнча аракеттерди улантышы керек.

12. Мамлекеттик каттоо кызматы, карама-каршылыктарга жол бербөө үчүн тиешелүү каттоо базаларын бир-бирине шайкеш келтириши керек. эски ID карталарды өз убагында жаңыларга алмаштыруу үчүн жарандардга түрткү берүүдө кеңири маалымдоо иштерин жүргүзүү керек.

13. Добуш берүү дарегин жүйөлүү себептерден жана чектелген сандагы өтүнүчтөрдү эске алуу менен бирге убактылуу өзгөртүү укугунан пайдалануу, шайлоо убагында бардык шайлоочуларга берилиш керек. Добуш берген шайлоочулардын тизмесин жарыялоого жол бербөө керек.

### Шайлоо жана референдум өнөктүгү

14. Бийлик бейтараптуулукту сактапжана жакшы тажрыйбага ылайык, шайлоо процессинин жүрүшүндө бардык атаандаштарга бирдей шарттарды түзүп бериши керек. Ушуга байланыштуу, бейтараптуулукка үндөө үчүн, шайлоого катышкан мамлекеттик жана башка коомдук мекемелердин кызматкерлери үчүн тренингдерди үзгүлтүксүз өткөрүп туруу керек.

### Өнөктүктү каржылоо

15. Референдумдун маселелери боюнча үгүт иштерин жүргүзүүдөгү салымдарга жана чыгымдарга болгон чектөөлөрдү киргизүү үчүн укуктук базаны өзгөртүү керек.

16. Шайлоого байланыштуу үгүт иштерин каржылоо, анын ичинде чыгымдардын чеги жана отчеттуулук боюнча эрежелери, ачык-айкындуулукту жана отчеттуулукту камсыз кылуу үчүн үгүт иштерине катышкан үчүнчү жактарга колдонулушу керек.

17. Мыйзамдык базада үгүт иштерин каржылоону бузгандыгы үчүн бир катар административдик жазалар акырындык жана чектөө жолу менен аткаралышы керек.

**ЖМК**

18. Референдум жөнүндө мыйзамга референдум өнөктүгүнүн так регламенти жана референдум топтору үчүн акысыз эфир убактысын бөлүп берүү механизми каралган оңдоолор киргизилиши керек. Шайлоочулардын маалыматтуу тандоосун жеңилдетүү үчүн мыйзамдардагы ар кандай кемчиликтер жана карама-каршылыктар БШК тарабынан жөнгө салынышы керек.

19. Мазмундун мүнөзүнө байланыштуу келип чыккан башаламандыкты болтурбоо үчүн, жалпыга маалымдоо каражаттарындагы акы төлөнүүчү саясий жарнамалар жарнамага буйрутма берген адамдардын аты-жөнүн көрсөтүү менен так белгилениши керек. Жаңылыктар жана учурдагы жаңылыктар программаларында акы төлөнүүчү саясий жарнактарды көрсөтүүгө тыюу салынышы керек.

20. Акысыз эфирдик убакытты бөлүп берүү жана бардык мамлекеттик телерадиоберүүлөрдө дебаттарды уюштуруу жөнүндө мыйзам талабына ылайык карап чыгуу керек. Дебаттардын форматы БШКнын регламентинде талап кылынгандай, катышуучулардын ортосунда өз ара аракеттенүүсүнө шарт түзүшү керек. Шайлоо өнөктүгү учурунда талапкерлер атаандаштарын сынга алышына мыйзам жолтоо болбош керек.

21. Жакшы тажрыйбага ылайык, коомдук жана мамлекеттик телерадиокомпаниялар үгүт иштери жана референдумду үгүттөө жөнүндө маалыматты редакциялык жактан калыс жана тең салмактуу чагылдырууга кепилдик бериши керек.

22. БШК шайлоо өнөктүгүндө шайлоо жөнүндө мыйзамдын ЖМК менен байланышкан жоболорунун сакталышын камсыз кылышы керек. Шайлоо өнөктүгүндө БШКга өнөктүктү чагылдырган мыйзам бузууларды активдүү аныктоо жана текшерүү жана бузулган укуктардын тез калыбына келтирилишин камсыз кылуу үчүн систематикалык түрдө мониторингин жүргүзүү пайдалуу болмок.

**Арыздар жана даттануулар**

23. БШК, Шайлоо мыйзамдарынын бузулгандыгы жөнүндө иштерди ачык отурумдарда жана өз убагында карап чыгып, натыйжалуу чараларды көрүшү керек. Ушуга байланыштуу, бардык көмөкчү топтор БШКдан жоопкерчиликти бошоткондун ордуна, арыздар боюнча негиздүү чечимдерди кабыл алууда БШКга жардам бериши керек.

**Шайлоо күнү**

24. Добуш берүүнүн купуялуулугуна байланыштуу мыйзамдык жоболор жүзөгө ашырылып, участкалык шайлоо комиссиялары тарабынан аткарылышы керек. Шайлоо бюллетендеринин купуялуулугу канчалык маанилүү экендиги жөнүндө шайлоо комиссияларын окутуу учурунда жана шайлоочуларга билим берүү материалдарында баса белгилөө керек.

25. БШК, ден-соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулардын шайлоо процессине катышуусун жеткиликтүү кылып, жарандык коом уюмдары менен кеңешип, добуш берүүгө тоскоолдуксуз катышуусун жакшыртуу боюнча аракеттерин улантышы керек.

# I - ТИРКЕМЕ: ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМДУН АКЫРКЫ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ[114]

| | **Шайлоо** | **Пайыз** | **Референдум** | **Пайыз** |
|---|---|---|---|---|
| Шайлоочулардын жалпы саны | 3,563,574 | | 3,563,574 | |
| Шайлоого катышкан шайлоочулардын саны | 1,395,513 | 39.16 | 1,394,218 | 39.12 |
| Жарактуу делген добуштардын саны | 1,384,466 | 99.21 | 1,347,561 | 96.65 |
| Жараксыз бюллетендердин саны | 10,851 | 0.78 | 46,453 | 3.33 |

| | **Талапкерлер** (шайлоо бюллетенине ылайык) | **Шайлоочулардын саны** | **Пайыз** |
|---|---|---|---|
| 1 | Садыр Жапаров | 1,105,248 | 79.20 |
| 2 | Канатбек Исаев | 8,038 | 0.58 |
| 3 | Мыктыбек Арстанбек | 23,583 | 1.69 |
| 4 | Клаара Сооронкулова | 14,005 | 1.00 |
| 5 | Имамидин Ташов | 16,383 | 1.17 |
| 6 | Абдил Сегизбаев | 20,335 | 1.46 |
| 7 | Адахан Мадумаров | 94,741 | 6.79 |
| 8 | Аймен Касенов | 12,684 | 0.91 |
| 9 | Улукбек Кочкоров | 9,397 | 0.67 |
| 10 | Жеңишбек Байгуттиев | 1,327 | 0.10 |
| 11 | Эльдар Абакиров | 6,996 | 0.50 |
| 12 | Курсан Асанов | 6,885 | 0.49 |
| 13 | Арстанбек Абдылдаев | 1,157 | 0.08 |
| 14 | Равшан Джеенбеков | 2,652 | 0.19 |
| 15 | Бактыбек Калмаматов | 6,893 | 0.49 |
| 16 | Бабыржан Тольбаев | 32,979 | 2.36 |
| 17 | Каныбек Иманалиев | 2,490 | 0.18 |
| | Бардык талапкерлерге каршы | 18,673 | 1.34 |

| **Референдумга коюлган маселелер** | **Добуштардын саны** | **Пайыз** |
|---|---|---|
| Президенттик Республика үчүн | 1,133,485 | 81.30 |
| Парламенттик Республика үчүн | 151,931 | 10.90 |
| Бардыгына каршы | 62,145 | 4.46 |

114 Маалымат булагы: БШКнын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча веб-баракчалары.

.

## II - ТИРКЕМЕ: ШАЙЛООГО БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА ЭЛ АРАЛЫК МИССИЯНЫН КУРАМЫНА КИРГЕН БАЙКООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

**ЕККУнун Парламенттик Ассамблеясы**

| | | |
|---|---|---|
| Питер Юэль-Йенсен | ПМ Атайын координатор | Дания |
| Рейнхольд Лопатка | ПМ Делегациянын башчысы | Австрия |
| Йозеф Хайек | ПМ | Чех Республикасы |
| Ян Хорник | ПМ | Чех Республикасы |
| Карла Марикова | ПМ | Чех Республикасы |
| Зденек Ондрачек | ПМ | Чех Республикасы |
| Павел Плзак | ПМ | Чех Республикасы |
| Мари Краруп | ПМ | Дания |
| Ларс Аслан Расмуссен | ПМ | Дания |
| Инка Хопсу | ПМ | Финляндия |
| Вильгельм Юннила | ПМ | Финляндия |
| Том Паккален | ПМ | Финляндия |
| Франсуа Жоливе | ПМ | Франция |
| Дидье Пэрис | ПМ | Франция |
| Фредерик Пети | ПМ | Франция |
| Ауде Вандорме | ПМ | Франция |
| Жолт Кенджер-Залан | ПМ | Венгрия |
| Луиджи Аугуссори | ПМ | Италия |
| Мауро Дель Барба | ПМ | Италия |
| Паоло Гримольди | ПМ | Италия |
| Франческо Молламе | ПМ | Италия |
| Вито Ваттуоне | ПМ | Италия |
| Алексей Корниенко | ПМ | Россия Федерациясы |
| Геннадий Онищенко | ПМ | Россия Федерациясы |
| Йохан Бюзер | ПМ | Швеция |
| Маргарета Седерфельт | ПМ | Швеция |
| Карина Одебринк | ПМ | Швеция |
| Ясенко Оманович | ПМ | Швеция |
| Селами Алтынок | ПМ | Түркия |
| Лукас Мусси | Делегациянын кызматчысы | Австрия |
| Сильвия Андрисова | Делегациянын кызматчысы | Чех Республикасы |
| Радек Меркль | Делегациянын кызматчысы | Чех Республикасы |
| Андреас Бейкер | Делегациянын кызматчысы | Дания |
| Ева Эсмарк | Делегациянын кызматчысы | Дания |
| Стефания Кольчанова | Делегациянын кызматчысы | Франция |
| Фрейя Коци | Делегациянын кызматчысы | Германия |
| Сергей Карсека | Делегациянын кызматчысы | Россия Федерациясы |
| Густаво Палларес | Делегациянын кызматчысы | Испания |
| Симона Ди Чутиис | Делегациянын кызматчысы | Швеция |
| Фредрик Свенссон | Делегациянын кызматчысы | Швеция |
| Манучехр Салохудинов | Делегациянын кызматчысы | Тажикистан |

| | | |
|---|---|---|
| Эджем Даник Гекче | Делегациянын кызматчысы | Түркия |
| Джемиль Коркмаз | Делегациянын кызматчысы | Түркия |
| Дженис Хельвиг | Делегациянын кызматчысы | АКШ |

**ДИАУБ ШЧБМдин негизги курамы**

| | | |
|---|---|---|
| Тамаш Месерич | Миссиянын жетекчиси | Венгрия |
| Вольфганг Споррер | | Австрия |
| Андрей Краснянски | | Беларусия |
| Мишо Имамович | | Босния жана Герцеговина |
| Антон Петренко Томсен | | Дания |
| Михаил Голиашвили | | Грузия |
| Силке Титтел | | Германия |
| Карло Паппалардо Фишер | | Италия |
| Рокас Стабингис | | Литва |
| Светлана Четайкина | | Россия Федерациясы |
| Валентина Кремлева | | Россия Федерациясы |
| Ивана Станойев | | Сербия |
| Питер Новотный | | Словакия |
| Фаррух Журакулов | | Тажикистан |
| Егор Тилпунов | | Украина |

**ДИАУБ ШЧБМдин Узак- мөөнөтүү байкоочулары**

| | |
|---|---|
| Ян Удржал | Чех Республикасы |
| Томаш Влах | Чех Республикасы |
| Мари Пааянен | Финляндия |
| Сюзанна Неймейер | Германия |
| Кристоф Видеманн | Германия |
| Филиппо Ристольдо | Италия |
| Рокко Джованни Дибиасе | Италия |
| Елена Баландина | Россия Федерациясы |
| Александр Бедрицкий | Россия Федерациясы |
| Александр Мамин | Россия Федерациясы |
| Лев Тарских | Россия Федерациясы |
| Николас Хейюм | Швеция |
| Ева Якобссон | Швеция |
| Бьорн Тедеман | Швеция |
| Надия Пашкова | Украина |
| Патрисия Кавана | Улуу Британия |
| Нирмала Гопал | Улуу Британия |
| Марк Уоллер | Улуу Британия |
| Мишель Ньянг | АКШ |
| Эндрю Оффенбахер | АКШ |
| Мэри Стегмайер | АКШ |

# ДИАУБ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюро (ДИАУБ) мүчө- мамлекеттерге «адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин толук урматтоону камсыздоого, мыйзам үстөмдүгүн сактоого, демократиялык принциптерди колдоого жана (…) демократиялык институттарды курууга, бекемдөөгө жана коргоого, ошондой эле бүткүл коомдун масштабында көтөрүмдүүлүктү өнүктүрүүгө» көмөк көрсөтүүчү ЕККУнун негизги институту (Хельсинки саммитинин документтери, 1992-жыл). Бул ЕККУнун адамзаттык өлчөмү болуп саналат.

Варшавада (Польша) жайгашкан ЕККУ/ДИАУБ «Эркин шайлоолор боюнча бюро» деген аталыш менен 1990-жылы Париж саммитинде негизделип, өз ишин 1991- жылдын май айында баштаган, бир жыл өткөн соң, Бюронун аталышы, анын мандаты кеңейип, адам укуктарын жана демократияны колдоону камтып калгандыгына байланыштуу, өзгөртүлгөн. Бүгүнкү күндө Бюронун курамында 150дөн ашуун адис бар.

ДИАУБ **шайлоолорго байкоо жүргүзүү** жагынан Европадагы алдыңкы уюм болуп саналат. Жыл сайын бюро ЕККУ регионундагы шайлоо процесстеринин ЕККУнун алдында алынган милдеттенмелерге, демократиялык шайлоо өткөрүү боюнча эл аралык милдеттенмелерге жана стандарттарга, ошондой эле улуттук мыйзамдарга шайкеш келүүсүнө баа берүү үчүн миңдеген байкоочуларды жиберүүнү уюштурат жана координациялайт. Анын уникалдуу усулдары шайлоо жараянынын бардык жагдайлары боюнча тереңдетилген талдоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Көмөк көрсөтүү боюнча долбоорлорду ишке ашыруу аркылуу ДИАУБ мүчө - мамлекеттерге шайлоо инфраструктурасын жакшыртууга жардамдашат.

Бюронун **демократияны колдоо** жаатындагы ишмердиги төмөнкүдөй чөйрөлөрдү камтыйт: мыйзамдын үстөмдүгү, мыйзам чыгарууну колдоо, демократиялык башкаруу, миграция жана орун которуу эркиндиги жана гендердик теңчилдик. Жыл сайын ДИАУБ демократиялык структураларды өнүктүрүү боюнча бир катар максаттуу көмөктөшүү программаларын ишке ашырат.

ДИАУБ, мүчө - мамлекеттерге алар ЕККУнун адамзаттык өлчөм жаатында кабыл алынган **адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин** бекемдөө жана коргоо боюнча алардын милдеттенмелерин аткарууга көмөк көрсөтөт. Буга өнөктөштөрдүн кеңири чөйрөсү менен биргеликте терроризмге каршы күрөшүү шарттарында адам укуктарын сактоо, адамдарды сатуудан жабыр тарткандарды укуктарын коргоого көмөктөшүү, адам укуктары боюнча окутуу жана даярдоо, адам укуктарын сактоого мониторинг жүргүзүү жана отчет түзүү, ошондой эле аялдардын укуктары жана алардын коопсуздугу сыяктуу тематикалык тармактарды камтыган кызматташтыкты бекемдөө, дараметти чыңдоо жана экспертизаларды жасоо боюнча боюнча иш жүргүзүү аркылуу жетишилет.

**Толеранттуулук жана дискриминацияга жол бербөө** боюнча иш-аракеттердин чегинде ДИАУБ мүчө - мамлекеттерге жек көрүүнүн, расизмдин, ксенофобиянын, антисемитизмдин жана көтөрүмсүздүүлүктүн башка формаларынын негизинде жасалган кылмыштарга каршы жооп кайтаруунун натыйжалуулугун жогорулатууда колдоо көрсөтөт. Көтөрүмдүүлүктү жана басмырлабоону камсыз кылуу боюнча ДИАУБдун ишмердиги төмөнкү тармактарга багытталган: мыйзам чыгаруу, тартип коргоо органдарынын кызматкерлери үчүн окутууларды уюштуруу; кылмыштарга жана көтөрүмсүздүүлүктүн көрүнүштөрүнө жооп кайтарууга мониторинг, отчеттуулук жана байкоо жүргүзүү; көтөрүмдүүлүктү, урматтоону жана өз-ара түшүнүүнү жайылтуу боюнча агартуу иш- чаралары.

ДИАУБ мүчө - мамлекеттерге **рома жана синти** элдери боюнча алардын саясат маселелери боюнча консультация берет. Бюро дараметти чыңдоо менен рома жана синти жамааттары менен алакаларды күчөтүүгө жардамдашып, рома жана синти өкүлдөрүнүн саясатты аныктоочу органдардын ишине катышуусуна көмөктөшөт.

ДИАУБдун бардык иш-чаралары ЕККУнун мүчө - мамлекеттери, ЕККУ институттары жанажер-жерлердеги өкүлчүлүктөрү, ошондой эле башка эл аралык уюмдар менен тыгыз координацияда жана кызматташтыкта жүргүзүлөт.

Кошумча маалыматты ДИАУБ сайтынан алууга болот (www.osce.org/odihr).